Университет билим берүүчү уюм катары ыңгайлуу шарттары менен заманбап инфраструктуранын болушу маанилүү. Изилдөөнүн жүрүшүндө *“Аудиториялардын жасалгаланышы сизди канааттандырабы?”* деген суроо берлген. Институт жана факультеттер боюнча карай турган болсок, Химия жана химиялык технологиялар 41,4%, Физика жана электроника 37,7%, Тарых жана чөлкөм таануу 37%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар жана Биология 33,3%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 32,6%, Математика жана инфороматика 28,3%, География, экология жана туризм 27,1%, Башкаруу жана бизнес 26%, Орус жана славян филологиясы 25,6% *“канааттандырат”* жана Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 30%, Юридика 24,3%, Физика жана электроника 19,2%, Кыргыз-Кытай 16,4%, Кесиптик колледж 15,5%, Математика жана инфороматика 15,1%, Башкаруу жана бизнес 14,5%, Тарых жана чөлкөм таануу 13% башка факультеттерге салыштырмалуу “*толугу менен канааттандырат”* деп жогорку баа беришкен.

Аудиториялардын жасалгаланышына “*орточо канааттанган*” факультеттер Башкаруу жана бизнес 26,9%, Журналистика 24,8%, Экономика 23,6%, Педагогика 23,4%, Чет тилдер 22,7%, Кесиптик колледж 21,5%, Орус жана славян филологиясы 21,3%, Кыргыз-Кытай 20,5%, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 18,6%, Юридика 16,5% менен салыштырмалуу жогорку пайыздык көрсөткүчтү көрсөтүүдө.

Жалпысынан ала турган болсок аудиториялардын жасалганышы биринчи кезекте пайыздык үлүшү жогору *“канааттандырбайт*” 29,1% болсо, 20,9%ын *“канааттандырат”,* 16,4%ын *“орточо канааттандырат”*, 11,7%ын “*толугу менен канааттандырат”,* ал эми “*жооп бере албагандар”* 21,9%ды түздү (төмөндөгү диаграмманы караңыз). Демек башка институт, факультеттерге салыштырмалуу жасалгасы “*канааттанбагандар”* География, экология жана туризм 42,1%, Кыргыз филологиясы 41,6%, Эл аралык мамилелер жана Чыгыш таануу 40,8%, Кыргыз Европа 38,2%, Тарых жана чөлкөм таануу 36,4%, Математика жана информатика 36,1%, Социалдык-гуманитардык илимдер инстуту 35,2%, Биология 32,7% салыштырмалуу жогорку пайыздык көрсөткүчтү көрсөтүүдө.

*Диаграмма 13 Факультеттер боюнча аудиториялардын жасалгаланышына канааттануу*




Жогорку пайыздык көрсөткүчтөр менен аудиториялардын жасалгаланышына *канааттанбагандар* байкалып тургандай көп. Мындагы жыйынтыктан студенттер

аудиториялардын жасалгаланышына дээрлик кааттанбайт. Ушул боюнча университет тиешелүү иштери алып барышы максаттуу.

Аудиториялардын жасалгаланышы менен катар эле "*Лабароториялардын жасалгаланышы сизди канааттандырабы?*" деген суроо берилген. Факультеттер боюнча карай турган болсок, Химия жана химиялык технологиялар 41,4%, Физика жана электроника 40,8%, Биология 39,1%, Тарых жана чөлкөм таануу 37,7%, Математика жана информатика 31,9%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 31,5% жана Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 24,9%ы "*канааттандырат*" жана Юридика *21,2%,* Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 17,1%, Кыргыз-Кытай 16,1% жана Кесиптик колледж 14,6%ы "*толугу менен канааттанат*" деп белгилешкен.

Башка институт, факультеттерге салыштырмалуу Башкаруу жана бизнес 26,9%, Экономика 25,4%, Чет тилдер 20,1%, Кыргыз-Кытай 19,9%, Педагогика 19,8%, Кесиптик колледж жана Орус жана славян филологиясы 19,4%, Журналистика факультетинин 19,3%ы *"орточо канааттандырат".* Ал эми География, экология жана туризм 37,4%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 37,3%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 34,8%, Кыргыз филологиясы 32,9%, Кыргыз Европа 32,1%, Педагогика 30,2%, Тарых жана чөлкөм таануу 28,6% жана Математика жана информатика факультеттеринин 28,3%ы *"канааттандырбайт*" жооп беришкен.

Жалпысынан алганда 25,9%ы "*канааттандырбайт*", 25,4%ы "*орточо канааттандырат*", 14,7%ы *"канааттандырат",* 4,5%ы "*толугу менен канааттандырат*" деп жооп беришсе, 26,8%ы "*жооп бере албайм*" деген (төмөндөгү таблицаны караңыз).

*Таблица 34 Лабароториялардын жасалгаланышына канааттануу абалы*

| **Лабароториялардын жасалгаланышы сизди канааттандырабы?** | Жооп бере албайм | Канааттандырбайт | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толугу менен канааттандырат | Жалпы % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 18,7% | 28,3% | 6,0% | 31,9% | 15,1% | 100% |
| Физика жана электроника | 11,5% | 25,4% | 5,4% | 40,8% | 16,9% | 100% |
| Химия жана химиялык технологиялар | 12,8% | 24,1% | 9,8% | 41,4% | 12% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Биология | 10,3% | 25% | 14,1% | 39,1% | 11,5% | 100% |
| География, экология жана туризм | 24,3% | 37,4% | 1,9% | 27,1% | 9,3% | 100% |
| Кыргыз филологиясы | 30,2% | 32,9% | 5,4% | 20,8% | 10,7% | 100% |
| Орус жана славян филологиясы | 32,4% | 20,4% | 19,4% | 19,4% | 8,3% | 100% |
| Чет тилдер | 35,7% | 25,5% | 20,1% | 10,4% | 8,2% | 100% |
| Социалдык-гуманитардык илимдер | 33,1% | 37,3% | 17,6% | 6,3% | 5,6% | 100% |
| Журналистика | 22,9% | 24,8% | 19,3% | 21,1% | 11,9% | 100% |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 22,7% | 28,6% | 0% | 37,7% | 11% | 100% |
| Кыргыз Европа | 38,9% | 32,1% | 1,1% | 19,6% | 8,2% | 100% |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу | 31,3% | 34,8% | 0,4% | 24,9% | 8,6% | 100% |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 18,7% | 25,6% | 11,4% | 31,5% | 12,8% | 100% |
| Кыргыз-Кытай | 24,7% | 19,6% | 19,9% | 19,6% | 16,1% | 100% |
| Педагогика | 28,4% | 30,2% | 19,8% | 14,9% | 6,8% | 100% |
| Кесиптик колледж | 30,3% | 22,2% | 19,4% | 13,5% | 14,6% | 100% |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу | 20% | 25,7% | 17,1% | 20% | 17,1% | 100% |
| Башкаруу жана бизнес | 18,2% | 20,5% | 26,9% | 21,1% | 13,3% | 100% |
| Экономика | 28,5% | 26,8% | 25,4% | 14,7% | 4,5% | 100% |
| Юридика | 29,% | 17,8% | 17,1% | 15% | 21,2% | 100% |
| **Жалпы** | 26,8% | 25,9% | 15,8% | 20,2% | 11,3% | 100% |

Мындай жыйынтыктыктардан көрүнүп тургандай эле, студенттер лабароториялардын жасалгаланышына салыштырматуу *“канааттанбайт”*. Аудиториялардын жана лабароториялардын жасалгаланышына студенттер негизинен *“канааттанбайт”*.

Университтеттин жасалгаланышы боюнча сурамжылоодо *“Спорттук залдар, аянтчалар сизди канааттандырабы?”* деген суроонун негизинде факульттер боюнча карасак, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 25,7%, Юридика 19,6%, Кыргыз филологиясы 13,4% башка факультеттерге салыштырмалуу *“толугу менен канааттандырат”* жана Химия жана химиялык технологиялар 49,6%, Биология 40,4%, Тарых жана чөлкөм таануу 39%, География, экология жана туризм факультети 38,3%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 27,9%, Кыргыз филологиясы факультети 26,8%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 21,9% жана Кыргыз Европа факультеттинин 21,8%ы башка факультеттерге салыштырмалуу университеттин спорттук залдары, аянтчалары канааттандыраарын билдиришкен. Башкаруу жана бизнес 27,5%, Орус жана славян филологиясы 26,9%, Экономика 24,7%, Кыргыз-Кытай 22,6%, Педагогика 22,1%, Кесиптик колледж 19,7%, Чет тилдер 18,9% “*орточо канааттандырат*” деп жооп беришкен.



Ал эми Журналистика 34,9%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 34,8%, Кыргыз Европа 33,6%, География, экология жана туризм 32,7%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 32,4%, Кыргыз филологиясы 30,9%, Экономика 30,4% жана Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин 29,2%ы салыштырмалуу жогорку пайыздык көрсөткүчү менен “*канааттандырбайт*”.

Жалпылап алып карай турган болсок, 100%дан жогорку пайыздык көрсөткүч 26,1%ы *“канааттанбайт*”, 21,7%ы *“канааттанат*”, 16%ы “*орточо канааттанат”,* ал эми 12,4%ы “*толугу менен канааттанат*” 23,9%ы *“жооп бере албаган.* Спорттук залдар жана аянтчаларга студенттер *“канааттанбайт”* көрсөткүчү жогору, аталган тармака өзгөчө көңүл бурулушу керек.

*Диаграмма 14 Спорттук залдар, аянтчаларга канааттануу абалы*




Спорт залдар менен спорттук аянтчалар боюнча суроону курстар боюнча статистикалык көрсөткүчтөрүн карасак, 1-2- курстар 24,2 % - 27,6 %ы, 3-4-курстар 27,5 % -26,3 %ы 5-курстардын 21,5%ы салыштырмалуу жогорку пайыздык көрсөткүч

менен *“канааттандырбайт”* деген жоопту беришкен. Мындагы жогорку көрсөткүч студенттердин курстары боюнча да спорттук залдар, аянтчаларга канааттанбагандыгын көрсөтөт (төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

*Таблица 35. Курстар боюнча спорттук залдар, спорттук аянтчаларга канааттануу*

| **Спорт залдар, спорттук аянтчалар** | Жооп бере албайм | Канааттандырбайт | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толугу менен канааттандырат | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-курс | 433 | 453 | 316 | 423 | 245 | 1870 |
| | 23,2% | **24,2%** | 16,9% | 22,6% | 13,1% | 100% |
| 2-курс | 335 | 407 | 241 | 311 | 178 | 1472 |
| | 22,8% | **27,6%** | 16,4% | 21,1% | 12,1% | 100% |
| 3-курс | 256 | 274 | 161 | 211 | 94 | 996 |
| | **25,7%** | **27,5%** | 16,2% | 21,2% | 9,4% | 100% |
| 4-курс | 177 | 192 | 94 | 159 | 107 | 729 |
| | **24,3%** | **26,3%** | 12,9% | 21,8% | 14,7% | 100% |
| 5-курс | 26 | 14 | 7 | 8 | 10 | 65 |
| | **40%** | **21,5%** | 10,8% | 12,3% | 15,4% | 100% |
| Жалпы | 1227 | 1340 | 819 | 1112 | 634 | 5132 |
| | 23,9% | **26,1%** | 16% | 21,7% | 12,4% | 100% |

Окуу процессинде билим берүү уюмунун жасалгаланышы коридорлордон башталат. Иликтөөдө *“Коридорлор сизди канааттандырабы?”* деген суроо берилген, институт жана факультеттер боюнча Физика жана электроника 49,2%, Тарых жана чөлкөм таануу  жана Химия жана химиялык технологиялар 42,9%, Биология 38,5%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 35,6%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 35,2%, Математика жана информатика 33,1%, Кыргыз Европа 28,9% жана Кыргыз филологиясы 28,2%ы *“канааттандырат*” жана да башка факультеттерге салыштырмалуу Юридика 25,9%, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 25,7%, Журналистика 18,3%, Кыргыз-Кытай 17,9%ы “*толугу менен канааттандырат” деген канааттануу абалын белгилешкен.*

Коридорлорго *“орточо канааттанган”* факультеттер Экономика 29,1%, Башкаруу жана бизнес 26,9%, Педагогика 24,3%, Орус жана славян филологиясы 24,1%, Кыргыз-Кытай 23,5%, Мамлекеттик жана муниципалдык 21,4%, Социалдык-

гуманитардык илимдер институту 21,1% жана Журналистика 18,63%. Ал эми “*канааттанбаган*” факультеттер География, экология жана туризм 39,3%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 35,6%, Кыргыз филологиясы 32,9%, Тарых жана чөлкөм таануу 32,5%, Кыргыз Европа 31,8%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 31,7% жана Педагогика 31,1%ы жүз пайыздык көрсөткүчтүн жогорку пайыздык үлүшүн түздү.

Жалпысынан алганда университеттин коридорлоруна “*канааттанбаган*” 26,6%ды менен жогорку пайыздык көрсөткүчтү, “*канааттангандар*” 23,2%ды, “*жооп бере албагандар*” 20,7%ды, *“орточо канаттангандар*” 17,3%ды, “*толук канааттангандар*” 12,3%ды түздү (төмөнкү таблица).

*Таблица 36 Коридорлорго канааттануу абалы*

| **Коридорлор сизди канааттандырабы**? | Жооп бере албайм | Канааттанды рбайт | Орточо канааттанды рат | Канааттанды рат | Толугу менен канааттанды рат | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 12% | 27,1% | 9,6% | 33,1% | 18,1% | 100% |
| Физика жана электроника | 12,0% | 14,6% | 5,4% | 49,2% | 18,5% | 100% |
| Химия жана химиялык технологиялар | 14,3% | 23,3% | 10,5% | 42,9% | 9% | 100% |
| Биология | 11,5% | 27,6% | 14,7% | 38,5% | 7,7% | 100% |
| География, экология жана туризм | 16,8% | 39,3% | 0,9% | 32,7% | 10,3% | 100% |
| Кыргыз филологиясы | 19,5% | 32,9% | 8,1% | 28,2% | 11,4% | 100% |
| Орус жана славян филологиясы | 12% | 30,6% | 24,1% | 22,2% | 11,1% | 100% |
| Чет тилдер | 26,3% | 30,9% | 22,1% | 11,4% | 9,2% | 100% |
| Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 34,5% | 31,7% | 21,1% | 7% | 5,6% | 100% |
| Журналистика факультети | 12,8% | 23,9% | 18,3% | 26,60% | 18,3% | 100% |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 13% | 32,5% | 0% | 42,9% | 11,7% | 100% |
| Кыргыз Европа | 28,9% | 31,8% | 1,4% | 28,9% | 8,9% | 100% |
| Эл аралык | 17,6% | 35,6% | 0,9% | 35,2% | 10,7% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| мамилелер жана чыгыш таануу | | | | | | |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 15,5% | 21,9% | 16,4% | 35,6% | 10,5% | 100% |
| Кыргыз-Кытай | 17% | 18,2% | 23,5% | 23,5% | 17,9% | 100% |
| Педагогика | 22,1% | 31,1% | 24,3% | 15,3% | 7,2% | 100% |
| Кесиптик колледж | 28,1% | 24,8% | 17,9% | 14,3% | 14,8% | 100% |
| Мамлекеттик жана муниципалдык | 10% | 24,3% | 21,4% | 18,6% | 25,7% | 100% |
| Башкаруу жана бизнес | 14,5% | 21,7% | 26,9% | 22% | 15% | 100% |
| Экономика | 23,9% | 26,7% | 29,1% | 16% | 4,3% | 100% |
| Юридика | 21,5% | 19% | 15,9% | 17,8% | 25,9% | 100% |
| **Жалпы** | 20,7% | 26,6% | 17,3% | 23,2% | 12,3% | 100% |

Демек коридорго канааттануу абалы салыштырмалуу жогорку көрсөткүч менен студенттер жалпысынан канааттанбай тургандыгын көрсөтөт.

Ошондой эле окуу имараттарынын коридорлорунун жасалгаланышы жөнүндө респонденттерди курстар боюнча карай турган болсок, 1-2-курстардын эң көп пайыздык үлүшү 24,8% - 26,8 %ы, 3-4-курстар 29,8 %ы -26,2%ы 5-курстардын 27,7% *“канааттандырбайт”* деген жоопту беришкен. Жалпысынан курстар боюнча канааттанбагандардын пайыздык үлүшү жогору (төмөнкү диаграмма)

*Диаграмма 15 Курстар боюнча коридорлорго канааттануу көрсөткүчү*




Жогорудагы статистикалык анализдерден көрүнүп тургандай университеттин жасалгаланышы, коридорлрор, аудитория, лабароториялардын жасалгаланышына катааттануу деңгээли төмөн экендигин көрө алдык. Демек университеттин жасалгаланышы боюнча жакшыртуу иштеринин жүрүшү максатуу.

Университеттин айланасынын жашылдандырылышы студенттердин көз карашында кандай экендигин факультеттер боюнча карай турган болсок: Химия жана химиялык технологиялар 47,4-16,5%, География, экология жана туризм 42,1-16,8%, Тарых жана чөлкөм таануу 42,9-35,7%, Математика жана информатика 41,6-21,1%, Биология 41-17,9%, Физика жана электроника  40,8-26,9%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 39,9-29,2% жана Кыргыз Европа факультетини 37,1-20,7%ы “*канааттанат-толугу менен канааттанат*”.

Ошондой эле “*орто*” деңгээлде канааттанган факультеттердин пайыздык көрсөткүчү жогорулар: Орус жана славян филологиясы 26,9%, Кыргыз-Кытай 24,1% жана Башкаруу жана бизнес факультети 22,8%.

Ал эми “*канааттанбаган*” факультеттерден пайыздык көрсөткүчү жогорулар: Педагогика 31,1%, Кыргыз филологиясы 30,2%, Мамлекеттик жана муниципалдык30%, Чет тилдер 26,5%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 26,1%, Экономика факультети 25,4%ды түзөт (төмөнкү табицаны караңыз).

*Таблица 37. Факультеттер боюнча университеттин жашылдандырылышына канааттануу*

| Университеттин айланасынын жашылдандырылышы | Жооп бере албайм | Канааттандырбайт | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толугу менен канааттандырат | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 12,7% | 16,9% | 7,8% | 41,6% | 21,1% | 100% |
| Физика жана электроника | 9,2% | 17,7% | 5,4% | 40,8% | 26,9% | 100% |
| Химия жана химиялык технологиялар | 8,3% | 17,3% | 10,5% | 47,4% | 16,5% | 100% |
| Биология | 8,3% | 17,9% | 14,7% | 41% | 17,9% | 100% |
| География, экология жана туризм | 15,9% | 24,3% | 0,9% | 42,1% | 16,8% | 100% |
| Кыргыз филологиясы | 20,1% | 30,2% | 4,7% | 32,9% | 12,1% | 100% |
| Орус жана славян филологиясы | 15,7% | 22,2% | 26,9% | 21,3% | 13,9% | 100% |
| Чет тилдер | 22,5% | 26,5% | 20,9% | 17,1% | 13,1% | 100% |
| Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 29,6% | 26,1% | 20,4% | 13,4% | 10,6% | 100% |
| Журналистика факультети | 4,6% | 13,8% | 18,3% | 29,4% | 33,9% | 100% |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 7,1% | 14,3% | | 42,9% | 35,7% | 100% |
| Кыргыз Европа | 16,8% | 24,6% | 0,7% | 37,1% | 20,7% | 100% |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу | 9,9% | 20,2% | 0,9% | 39,9% | 29,2% | 100% |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 11% | 19,2% | 16,4% | 34,7% | 18,7% | 100% |
| Кыргыз-Кытай | 11,6% | 13,1% | 24,1% | 27,7% | 23,5% | 100% |
| Педагогика | 22,1% | 31,1% | 23% | 15,8% | 8,1% | 100% |
| Кесиптик колледж | 26,6% | 22,4% | 19,4% | 14,8% | 16,8% | 100% |
| Мамлекеттик жана муниципалдык | 17,1% | 30% | 17,1% | 15,7% | 20% | 100% |
| Башкаруу жана бизнес | 16,5% | 23,4% | 22,8% | 21,4% | 15,9% | 100% |
| Экономика | 23,6% | 25,4% | 29,8% | 16,1% | 5,1% | 100% |
| Юридика | 19,3% | 15,9% | 15,3% | 17,8% | 31,8% | 100% |
| **Жалпы** | 17,9% | 22% | 16,9% | 25,4% | 17,8% | 100% |

Жалпы 25,4%ы *канааттандырат*, ошол эле учурда 22%ы *канаттанбайт,* 16,9% *орто* деңгээлде канааттанат. Демек факультеттер боюнча окуу жайдын айланасынын жашылдандырылышына канааттануу менен эле канааттанбаган факультеттер бар экендигин көрүүгө болот.

Окуу жайыбыздын студенттери жалпысынан имараттын фасады, коридорлор, аудиториялар, лабароториялар, спорттук залдар, аянтчалар, жашылдандырылышы боюнча канааттануусу факультеттер боюнча айрымаланат. Жогорудагы статистикалык маалыматтарга карап бул тараптан кемтиксиз, заманбап шарттарга ыңгайлашуу максатында тиешелүү чаралардын көрүлүшү зарыл маселелерден.

### 5.8 Университеттин жатаканалары

Университет тарабынан көрсөтүлүүчү эң маанилүү кызматтардын аспектилеринен жатаканалар маанилүү. Ушул багытта респонденттерге *“Жатаканаларга канчалык деңгээлде канааттанасыз?” суроо берилген.* Респонденттердин 21,5-21,2%ы позиттивдүү “*канааттандырат”* жана “*толугу менен канааттандырарын”* белгилешкен. Ал эми 18,8%ы “*орточо*”, 15,4% “*жарым-жартылай канааттанат”* (төмөндөгү диаграмма). Белгилей кетчү жагдай башка варианттарга салыштырмалуу жатаканаларга канчалык деңгээлде канааттанарына *жооп бере албагандаргын* пайыздык көрсөткүчү 23% жогорку, мында жооп бергиси келбеген бирок канаттануу боюнча айта албаган жагдай бар экендигин да эске алынуусу маанилүү.

*Диаграмма 16 Жатаканаларга канааттануу деңгээли*




Ошодой эле, жатаканаларга факультеттер боюнча канааттануу абалына карай турган болсок, Математика жана информатика 26,5-32,5%, Физика жана электроника 28,5-30%, Химия жана химиялык технологиялар 34,6-24,8%, Мамлекеттик жана

муниципалдык 18,6-32,9%, Юридика факультети 16,8-30,5%ы *канаттанат-толук канааттанат.*

Факультеттер боюнча жатаканаларга орточо канааттангандар  География, экология жана туризм 24,3% жана Маалыматтык жана инновациялык технологиялар факультети 22,8%ынын рстк€ч€ жогору. Ал эми *жарым-жартылай канааттанган* факультеттерден пайыздык көрсөткүчү жогорулар, Кыргыз филологиясы 22,1%, Социалдык-гуманитардык  илимдер  институту 19,7% жана Орус жана славян филологиясы 19,4%ы салыштырмалуу жогору(төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

*Таблица.38 Факультеттер боюнча жатаканаларга канааттануу*

| **Жатаканаларга канчалык деңгээлде канааттанасыз?** | Жооп бере албайм | Жарым - жартылай канааттандырат | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толук канааттандырат | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 9,6% | 12% | 19,3% | 26,5% | **32,5%** | 100% |
| Физика жана электроника | 15,4% | 7,7% | 18,5% | 28,5% | 30% | 100% |
| Химия жана химиялык технологиялар | 12% | 10,5% | 18% | **34,6%** | 24,8% | 100% |
| Биология | 14,1% | 7,7% | 21,2% | 28,2% | 28,8% | 100% |
| География, экология жана туризм | 11,2% | 16,8% | **24,3%** | 24,3% | 23,4% | 100% |
| Кыргыз филологиясы | 19,5% | **22,1%** | 16,8% | 16,8% | 24,8% | 100% |
| Орус жана славян филологиясы | 25,9% | 19,4% | 16,7% | 22,2% | 15,7% | 100% |
| Чет тилдер | 29,7% | 15,1% | 20,3% | 16,5% | 18,5% | 100% |
| Социалдык-гуманитардык илимдер  институту | 39,4% | **19,7%** | 13,4% | 9,2% | 18,3% | 100% |
| Журналистика факультети | 24,8% | 16,5% | 16,5% | 18,3% | 23,9% | 100% |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 15,6% | 13% | 16,9% | 28,6% | 26% | 100% |
| Кыргыз Европа | 35% | 17,5% | 18,9% | 17,1% | 11,4% | 100% |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу | 30,9% | 15,5% | 19,7% | 20,6% | 13,3% | 100% |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 20,5% | 15,1% | **22,8%** | 26,9% | 14,6% | 100% |
| Кыргыз-Кытай | 19% | 13,1% | 16,7% | 28,9% | 22,3% | 100% |
| Педагогика | 20,3% | 15,3% | 18,9% | 21,20% | 24,3% | 100% |
| Кесиптик колледж | 27% | 16% | 18,4% | 16,1% | 22,5% | 100% |
| Мамлекеттик жана | 12,9% | 17,1% | 18,6% | 18,6% | **32,9%** | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| муниципалдык | | | | | | |
| Башкаруу жана бизнес | 17,3% | 16,5% | 21,1% | 22,5% | 22,5% | 100% |
| Экономика | 22,2% | 16,9% | 21,7% | 24,3% | 14,9% | 100% |
| Юридика | 25,9% | 15,9% | 10,9% | 16,8% | **30,5%** | 100% |
| **Жалпы** | 23% | 15,4% | 18,8% | 21,5% | 21,2% | 100% |

Изилдөөгө катышкан, жатаканада жашаган респонденттердин жатаканалардын ишин 25,1-22,3%ы *толук канааттанат-канааттанат* жана 22,3%ы *орточо* канааттанат. Ал эми 13,3% *жарым жартылай канааттанса*, 17%ы *жооп бере албайм* деп белгилешкен (төмөнкү диаграмма).

*Диаграмма 17 Жатаканалардын ишине канааттануунун пайыздык үлүшү*




Изилдөөгө катышкан респонденрттержалпысынан университеттин жатакана кызматына канааттанышат. Бирок *орточо* деңгээлде жана *жарым-жартылай канаттангандардын* да пайыздык үлүшүн карап жатакана кызматтардын ишин дагы да жакшыртуу иштерин жүргүзүү университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу үчүн максаттуу иш.

### 5.9 Санитардык-гигиеналык абал

Окуу жайдын санитардык-гигиеналык абалы окуу процессиндеги маанилүү фактор. Ушул негизде сурамжылоодо “*Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канчалык деңгээлде канааттанасыз?*” деген суроо берилген. Факультеттер боюнча карасак, эң көп пайыздык үлүш Юридика 33%, Химия жана химиялык технологиялар 30,1%, Кыргыз-Кытай 29,8%, Математика жана информатика 28,9%, Журналистика 28,4%,

Физика жана электроника 27,7%, Кесиптик колледж 25% Биология 37,2%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 31,5%, Тарых жана чөлкөм таануу 29,2% жана Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети 27,5%ы башка факультеттерге салыштырмалуу *“толук канааттандырат”* жана “*канааттандырат*” деп жогору баалашкан.

География, экология жана туризм 27,1%, Математика жана информатика факультети 26,5%, Экономика 23,6%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 22,8/%, Педагогика 22,1%, Кыргыз Европа 21,1%, Физика жана электроника факультетинин 20%ын башка факультеттерге салышырмалуу “*орточо канааттандырат”*деп белгилешкен.

Кыргыз филологиясы 24,8%, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу 24,3%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 22,5%, Кыргыз Европа жана Орус жана славян филологиясы факультеттеринин 20,4%ы *“жарым-жартылай канааттандыраарын”* белгилешти.

*Таблица 39. Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канааттануу деңгээли*

| **Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канчалык деңгээлде канааттанасыз?** | Жоопберe албайм | Жарым -жартылай канааттандырат | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толук канааттандырат | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 9% | 9% | 26,5% | 26,5% | **28,9%** | 100 % |
| Физика жана электроника факультети | 14,6% | 12,3% | 20% | 25,4% | **27,7%** | 100 % |
| Химия жана химиялык технологиялар | 9% | 8,3% | 19,5% | **33,1%** | 30,1% | 100 % |
| Биология | 13,5% | 5,8% | 19,2% | **37,2%** | 24,4% | 100 % |
| География, экология жана туризм | 10,3% | 12,1% | 27,1% | **32,7%** | 17,8% | 100 % |
| Кыргыз филологиясы | 21,5% | 24,8% | 16,8% | 18,1% | 18,8% | 100 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | % |
| Орус жана славян филологиясы | 17,6% | 20,4% | 18,5% | **24,1%** | 19,4% | 100 % |
| Чет тилдер | **23,9 %** | 17,3% | 19,9% | 21,7% | 17,3% | 100 % |
| Социалдык-гуманитардык илимдер | 28,9% | 22,5% | 16,2% | 18,3% | 14,1% | 100 % |
| Журналистика | 17,4% | 18,3% | 12,8% | 22,9% | **28,4%** | 100 % |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 9,1% | 13,6% | 19,5% | **29,2%** | **28,6%** | 100 % |
| Кыргыз Европа | 21,8% | 20,4% | 21,1% | 23,2% | 13,6% | 100 % |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу | 16,7% | 11,6% | 22,3% | **27,5%** | 21,9% | 100 % |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 14,6% | 14,2% | 22,8% | **31,5%** | 16,9% | 100 % |
| Кыргыз-Кытай | 13,1% | 9,5% | 16,7% | **31%** | **29,8%** | 100 % |
| Педагогика | 16,7% | 19,8% | 22,1% | 25,2% | 16,2% | 100 % |
| Кесиптик колледж | 23,7% | 14,8% | 18,4% | 18,1% | 25% | 100 % |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу | 15,7% | 24,3% | 20% | 17,1% | 22,9% | 100 % |
| Башкаруу жана бизнес | 14,2% | 19,7% | 20,2% | 24,9% | 21,1% | 100 % |
| Экономика | 20,6% | 15,7% | 23,6% | 25,9% | 14,3% | 100 % |
| Юридика | 18,7% | 15% | 15,3% | 18,1% | **33%** | 100 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | % |
| **Жалпы** | 18,2% | 15,5% | 20,1% | **24,6%** | 21,7% | 100 % |

Жалпысынан алганда санитардык-гигиеналык кызматтын иштеши 24,6%ын “*канааттандырат*”, 21,7%ын “*толук канааттандырат*” 20,1%ын *“орточо канааттандырат”,* 15,5%ын “*жарым -жартылай канааттандырса”*, ал эми 18,2%ы *“жооп бере албайм”* деп белгилешкен (төмөнкү таблицаны караңыз). Университетте санитардык-гигиеналык абал студенттерди канааттандырат, бирок канааттандырбагандардын да пайыздык үлүшүн эске алуу максаттуу.

Ошондой эле жатаканада жашаган студенттер санитардык-гигиеналык кызматтын ишине биринчиден 25% катааттанышат, экинчиден 21%ы орточо, андан кийн 20% толук канааттанышат, 18%ы жарым-жартылай канааттанышат (төмөнкү диаграмманы караңыз).

*Диаграмма 18 Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канааттануу*




Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын ичинен санитардык-гигиеналык абалга канаттануу абалын жогорудагы статистикалык көрсөткүчтөрдөн көрүнгөндөй эле жакшыртуу максатында тиешелүү чаралардын колго алынуусу маанилүү.

### 5.10 Ашкана кызматы

Студенттердин күнүмдүк убактысынын маанилүү бөлүгү университетте өткөндүктөн окуу жайда ашкана кызматтарынын мыкты деңгээлде иштеши маанилүү. Ушул негизде респонденттерге “*Ашкана кызматынын ишине канчалык деңгээлде*

*канааттанасыз?”* деген суроо берилген. Факультеттер боюнча карай турган болсок, Биология 31,4%, Тарых жана чөлкөм таануу 29,2%, Химия жана химиялык технологиялар 27,1%, Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 26% жана Математика жана информатика факультетинин 23,5%ы *“канааттанса”,* География, экология жана туризм 50,5%, Химия жана химиялык технологиялар 48,1%, Биология 44,2%, Математика жана информатика 44%, Физика жана электроника 43,8% жана Журналистика 28,4% башка факультеттерге *“толук канааттандыраарын”* белгилешкен.

Ашкана кызматынын ишине салыштырмалуу “*орточо канааттанган*” факультеттер Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 24% жана Педагогика 18%. Ал эми башка факультеттерге салыштырмалуу *“жарым-жартылай канааттанган”* Кыргыз Европа 22,5%, Орус жана славян филологиясы 22,2%, Башкаруу жана бизнес 22%, Кыргыз филологиясы 19,5%ды түздү (төмөнкү таблица).

*Таблица 40. Факультеттер боюнча ашкана кызматына канааттануу деңгээли*

| **Ашкана кызматынын ишине канчалык деңгээлде канааттанасыз?** | Жооп бере албайм | Жарым - жартылай канааттандырат | Орточо канааттандырат | Канааттандырат | Толук канааттандырат | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Математика жана информатика | 9% | 7,2% | 16,3% | 23,5% | 44% | 100,% |
| Физика жана электроника | 10,8% | 6,2% | 18,5% | 20,8% | 43,8% | 100% |
| Химия жана химиялык технологиялар | 3% | 9,0% | 12,8% | 27,1% | 48,1% | 100% |
| Биология и | 5,1% | 3,8% | 15,4% | 31,4% | 44,2% | 100% |
| География, экология жана туризм | | 14% | 12,1% | 23,4% | 50,5% | 100% |
| Кыргыз филологиясы | 49% | 19,5% | 7,4% | 9,4% | 14,8% | 100% |
| Орус жана славян филологиясы | 50% | 22,2% | 8,3% | 11,1% | 8,3% | 100% |
| Чет тилдер | 36,5% | 15,9% | 17,1% | 13,9% | 16,7% | 100% |
| Социалдык-гуманитардык | 45,1% | 16,2% | 9,2% | 16,9% | 12,7% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| илимдер | | | | | | |
| Журналистика | 16,5% | 14,7% | 19,3% | 21,1% | 28,4% | 100% |
| Тарых жана чөлкөм таануу | 11% | 13% | 22,1% | 29,2% | 24,7% | 100% |
| Кыргыз Европа | 25,7% | 22,5% | 17,1% | 20% | 14,6% | 100% |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу | 15,5% | 21,5% | 24% | 16,3% | 22,7% | 100% |
| Маалыматтык жана инновациялык технологиялар | 16,9% | 14,2% | 21% | 26% | 21,9% | 100% |
| Кыргыз-Кытай | 36,3% | 14,9% | 11,9% | 20,8% | 16,1% | 100% |
| Педагогика | 18,5% | 17,1% | 18% | 22,5% | 23,9% | 100% |
| Кесиптик колледж | 27,3% | 13,5% | 15,5% | 15,6% | 28,1% | 100% |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу | 31,4% | 17,1% | 14,3% | 15,7% | 21,4% | 100% |
| Башкаруу жана бизнес | 33,5% | 22% | 13% | 15,3% | 16,2% | 100% |
| Экономика | 38% | 16,6% | 16,% | 18,1% | 11,3% | 100% |
| Юридика | 43,3% | 13,7% | 6,5% | 12,8% | 23,7% | 100% |
| **Жалпы** | 28,2% | 15,5% | 15,2% | 18,5% | 22,6% | 100% |

Жалпылап ала турган болсок, ашкана кызматынын ишине жооп бере албагандар 28,2%ды, *“толук канаатандыргандар”* 22,6%ды, *“канааттандыргандар”* 18,5%ды, *“жарым-жартылай канааттандыргандар*” 15,5% жана *“орточо канааттандыргандар”* 15,2%ды түздү. Мында ашкана кызматы жалпы эле университет боюнча маселелер бар экендигин көрө алабыз. Айрым корпустарда таптакыр жок болгондугу үчүн ашкана кызматынын ишине канааттануу боюнча жооп бере албагандардын пайыздык үлүшү да жогору. Университетте студенттер үчүн ыңгайлуу ашкана кызматынын жеткиктүүлүгүн ишке ашыруу үчүн көңүл бурулуусу зарыл болгон факторлордон.

## 6. КУУнун СТУДЕНТИ БОЛУУ

Университет боюнча бакалавр жана адистикте окуган 1-5-курстардын ичинен сырттан окуган, магистратурада окугандар жана экинчи профессияда окугандар, Ош филиалы, Юридикалык институт (Юридикалык академия) структуралардан тышкары окуу жайыбызда жалпы бакалавр жана адистикте окугандардын саны 11 177.

Университетибизде 2022-2023 окуу жылында окуган студенттерге *“Сиздин пикириңиз боюнча өлкөбүздөгү эң мыкты 10 ЖОЖду ирээти менен жазыңыз?”* деген атайын суроо берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгына карай турган болсок, респонденттерибиздин 25% Кыргызстандагы эң мыкты ЖОЖ Борбордук Азиядагы Америка Университети деп эсептешет, экинчи орунда 23% менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети, үчүнчү орунда 15% менен Кыргыз-Түрк “Манас” Университети, төртүнчү орунда 10%ы Ала-Тоо Эл Аралык Университети ал эми бешинчи орунда 7% менен И. Ахунбаев Атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясы деп белгилешкен (төмөндөгү диаграмма). Алгачкы беш орунда байкалып тургандай эле университетибиздин студенттери мамлекеттик ЖОЖына салыштырмалуу эл аралык статустагы ЖОЖ ды *эң мыкты окуу жай* деп эсептешет. Эми, алтынчы орунду карай турган болсок, 6% И. Разаков Атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университети, жетинчи кезекте К. Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети, сегизинчи орунда 4% менен Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян Университети келсе, тогузунчу болуп 3% менен Кыргызстандын Эл Аралык Университети жана онунчу орунда 2% менен И. Арабаев Атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети өлкөдөгү эң мыкты ЖОЖ деп эсептешет (төмөндөгү диаграмманы караңыз).

*Диаграмма 19 Университетибиздеги студенттердин көз карашында өлкөбүздөгү эң мыкты 10 ЖОЖ*



Университеттин студенти статусуна ээ болгонжон кийин албетте миссиясын билүү маанилүү. Изилдөөдө *“КУУнун миссиясы жөнүндө билесизби, ал эмнеде?” деген суроо берилген. Мында жооп берген* 4306 студенттердин 73,7%ы университеттин миссиясын *билбейт.*

- 9,9%ы *“Жогорку, сапаттуу билим берүү”*
- 6,9%ы *“Белгилүү бир тармакта жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо жана бүтүрүү”*
- 4,9%ы *“Классикалык академиялык салттарга жана алдынкы илимий жетишкендиктерге негизделген заманбап коомдун илимий потенциалын сактоого жана өнүктүрүүгө салым кошуу”* деп эсептешсе,
- 1,6%ы *“Өлкөнүн жана коомдун өнүгүшү үчүн кесипкөй кадрларды өстүрүү”*
- 1,3%ы *“Билимдүү, илимдүү, эң мыкты деңгээлдеги келечек жаштарын чыгаруу”*
- 1,1%ы *“Улуттук жана дүйнөлүк стандарттын талаптарына жооп берген адистерди даярдоодо лидер болуу”*
- 0,3%ы *“Кыргызстан үчүн илимий интеллигенциянын татыктуу муунун даярдоо”,*
- 0,1%ы *“Мамлекетке өнүгүшүнө кызмат кылган адистерди чыгару”, “Заманбап рынок талаптарына жооп берген жогорку квалификациялуу студенттерди бүтүрүү” жана “Бул дүйнөгө билим жана тажрыйба алып келген адистерди даярдоо” деп жооп беришкен (төмөндөгү таблица).*

*Таблица 41. КУУнун миссиясы жөнүндө билүү абалы*

| *КУУнун миссиясы жөнүндө билесизби, ал эмнеде?* | ***Жалпы саны*** | ***%*** |
|---|---|---|
| Билбейм | 3174 | 73,7% |
| Жогорку, сапаттуу билим берүү | 428 | 9,9% |
| Белгилүү бир тармакта жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо жана бүтүрүү | 298 | 6,9% |

| | | |
|---|---|---|
| Классикалык академиялык салттарга жана алдынкы илимий жетишкендиктерге негизделген заманбап коомдун илимий потенциалын сактоого жана өнүктүрүүгө салым кошуу | 211 | 4,9% |
| Өлкөнүн жана коомдун өнүгүшү үчүн кесипкөй кадрларды өстүрүү | 68 | 1,6% |
| Билимдүү, илимдүү, эң мыкты денгээлдеги келечек жаштарын чыгаруу | 58 | 1,3% |
| Миссия – улуттук жана дүйнөлүк стандарттын талаптарына жооп берген адистерди даярдоодо лидер болуу | 46 | 1,1% |
| Кыргызстан үчүн илимий интеллигенциянын татыктуу муунун даярдоо. | 12 | 0,3% |
| Мамлекетке өнүгүшүнө кызмат кылган адистерди чыгаруу | 3 | 0,1% |
| Заманбап рынок талаптарына жооп берген жогорку квалификациялуу студенттерди бүтүрүү | 5 | 0,1% |
| Бул дүйнөгө билим жана тажрыйба алып келген адистерди даярдоо | 3 | 0,1% |
| ***Жалпы*** | 4306 | 100% |

## 6.1 Университетке канааттануу абалы

Изилдөөнүн алкагында *"Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат?"* деген атайын суроо берилген. Университетибиздин 1-курсунун студенттеринин 41,7%, экинчи курстардын 37,9%ы, 3-курстардын 36%ы, 4-курстардын 37,9%ы, 5-курстардын 29,2%ы КУУнун студенти болуунун канааттануу деңгээли салыштырмалуу жогорку пайыз менен *"жакшы"*. Демек, Кыргыз Улутук университетинин студенти болуунун канаттануу деңгээли жалпысынан 38,8%ы *"жакшы"*, 29,6%ы *"эң жакшы"*, 24,2%ы *"орто"* болсо, 5,1%ы *"төмөн"* же 2,4%ы менен *"өтө төмөн"* варианттар негативдүү пайыздар салыштырмалуу аз (төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

*Таблица 42. Курстарга карата КУУнун студенти болууга канааттануу*

| **Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык** | **Өтө төмөн** | **төмөн** | **орто** | **жакшы** | **эң жакшы** | **жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **деңгээлде канааттандырат?** | | | | | | |
| **1-курс** | 43 | 83 | 450 | 779 | 515 | 1870 |
| | 2,3% | 4,4% | 24,1% | **41,7%** | **27,5%** | 100% |
| **2-курс** | 26 | 79 | 367 | 558 | 442 | 1472 |
| | 1,8% | 5,4% | 24,9% | **37,9%** | **30%** | 100% |
| **3-курс** | 25 | 57 | 244 | 359 | 311 | 996 |
| | 2,5% | 5,7% | 24,5% | **36%** | **31,2%** | 100% |
| **4-курс** | 21 | 37 | 161 | 276 | 234 | 729 |
| | 2,9% | 5,1% | 22,1% | **37,9%** | **32,1%** | 100% |
| **5-курс** | 6 | 4 | 18 | 19 | 18 | 65 |
| | 9,2% | 6,2% | **27,7%** | **29,2%** | **27,7%** | 100% |
| **Жалпы** | 121 | 260 | 1240 | 1991 | 1520 | 5132 |
| | 2,4% | 5,1% | **24,2%** | **38,8%** | **29,6%** | 100% |

*“Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат?”* деген суроодо улуттар боюнча караганда, лезгин, чечен, түркмөн улутундагылар 100% “*жакшы*”, немец жана моңголдор “*эң жакшы*” б.а жогорку деңгээлде канааттандырат. Ал эми метис 75%, карачай жана корей 50%, татар 42,9%ы башка улуттарга салыштырмалуу *“орто”* деңгээлде деп белгилешкен. Уйгур 21,4%, түрк 11,1% жана украин 20% улутундагылар салыштырмалуу канаттануу деңгээли

*“төмөн”* болгон (төмөндөндөгү диаграмманы караңыз↓)

*Диаграмма 20 КУУнун студенти экендигине канааттануу деңээли*



Университетке канааттануу абалын респонденттердин багыттары боюнча караганда төмөндөгүдөй жыйынтыктар байкалат:

Математика 49,0%, Прикладдык информатика 45,8%, Физика 51,2%, Техническалык физика 51,2%, Химия 38,9%, Кыргыз тили жана адабияты 48,9%, Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулган билим берүү мекемелеринде адистиги 46,0%, Котормо жана котормо таануу (Кыргыз филология) 43,8%, Лингвистика түрк тили 53,8%, Адабий чыгармачылык 50,0%, Компьютердик лингвистика 33,3%, Педагогика жана психология 41,2%, Философия 60,0%, Теле көрсөтүү 53,8%, Табигый жана маданий мурас объектилерин жана музеология 54,2%, Башталгыч классты окутуу 45,0%, Сапатты башкаруу 40,6%, Маркетинг 33,0%, Банк иши 51,9%, Банк иши (Кесиптик колледж) 37,0%, Кытай таануу Кыргыз Кытай институту 42,2%, Соттук экспертиза 57,1%, Укук таануу (Кесиптик колледж) 31,4%, Кытай тили 62,5%, Башталгыч классты окутуу (Кесиптик колледж) 42,0%ы, Прикладдык математика и информатика 44,7%, Электроника и наноэлектроника 40,0%, Химия 38,9%, Медициналык жана фармацевтикалык химия 47,5%, Биология Лабораториялык иш 70,2%, Биоэкология 40,0%, Биотехнология 53,4%, География 45,1%, Экология жана жаратылышты пайдалануу 40,0%, Филология (Орус тили жана адабияты) 53,2%, Филологиялык билим берүү (Орус тили жана адабияты, поляк тили) 42,5%, Лингвистика (англис тили) 37,7%, Лингвистика (немец тили) 57,1%, Лингвистика (француз тили) 50,0%, Лингвистика (корей тили) 41,7%, Европа таануу 47,6%, Компьютердик лингвистика 33,3%, Котормо жана котормо таануу (Чет тилдер) 33,5%, Социалдык иш 41,3%, Психология 40,9%, Клиникалык психология 38,7%, Дин таануу 42,9%, Журналистика 43,9%, Жарнак жана коомчулук менен байланыш 40,0%, Тарых 41,9%, Аймак таануу 54,5%, Экономика жана башкаруу 40,3%, Бизнести башкаруу 45,5%, Эл аралык мамилелер 43,5%, Чыгыш таануу (Африканистика) 51,1%, Дипломатиялык жана консулдук кызмат 44,4%, Маалыматтык системалар жана технологиялар 45,1%, Маалыматтык коопсуздук 48,4%, Программалык инженерия 45,8%, Информатика жана эсептөө техникасы 37,5%, Колдонмо информатика 40,7%, Филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты) 47,2%, Филологиялык билим берүү (чет тили) 47,3%, Мектепке чейинки окутуу бөлүмү окутуунун методикасы 44,0%, Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу 41,5%, Бухгалтердик эсеп жана талдоо 34,5%, Салыктар жана салык салуу 35,8%, Каржы жана насыя 39,9%, Бухгалтердик эсеп

жана талдоо (Кесиптик колледж) 37,5%, Экономика (Кесиптик колледж) 48,5%, Юриспруденция 41,6%, Бажы иши 41,1%, Котормо жана котормо таануу

(англис тили колледж) 42,6%, Котормо жана котормо таануу (кытай тили колледж) 40,0%, Маалымат технологиялар бөлүмү (Кесиптик колледж) 43,1% КУУнун студенти экени *"жакшы"* жана *"эң жакшы"* жогорку деңгээлде канаттандырат.

Прикладдык математика и информатика 44,7%, Химиялык технология 44,4%, Туризм 42,0%, Клиникалык психология 38,7%, Бизнес-информатика, Маалыматтык технологиялар 39,5%, Ишканадагы экономика 33,8%, Каржы жана насыя (Кесиптик колледж) 32,6%
"*орто*" деп жооп беришкен.
Психология 15,9%, Педагогика жана психология 11,8%, Маалыматтык системалар жана технологиялар 11,8%, Салыктар жана салык салуу 11,3%ынын канааттануусу "*төмөн".*
Жалпысынан алганда 39,0%ы "жакшы", 29,7%ы "эң жакшы" 24,1%ы "орто", 4,9%ы



"төмөн", 2,2%ы "өтө төмөн" деп жооп беришкен.

*Таблица 43 Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат*

| Окуган багыттар | Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат? | | | | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | өтө төмөн | төмөн | орто | жакшы | эң жакшы | |
| Математика | 0 | 3 | 5 | 17 | 24 | 49 |
| | 0,0% | 6,1% | 10,2% | 34,7% | **49,0%** | 100% |
| Прикладдык математика и информатика | 1 | 3 | 13 | 17 | 4 | 38 |
| | 2,6% | 7,9% | 34,2% | **44,7%** | 10,5% | 100% |
| Прикладдык информатика | 0 | 1 | 2 | 10 | 11 | 24 |
| | 0,0% | 4,2% | 8,3% | 41,7% | **45,8%** | 100% |
| Физика | 0 | 2 | 4 | 15 | 22 | 43 |
| | 0,0% | 4,7% | 9,3% | 34,9% | **51,2%** | 100% |
| Техническалык физика | 0 | 3 | 6 | 12 | 22 | 43 |
| | 0,0% | 7,0% | 14,0% | 27,9% | **51,2%** | 100% |
| Электроника и наноэлектроника | 1 | 2 | 11 | 14 | 7 | 35 |
| | 2,9% | 5,7% | 31,4% | **40,0%** | 20,0% | 100% |
| Химия | 1 | 0 | 3 | 7 | 7 | 18 |
| | 5,6% | 0,0% | 16,7% | **38,9%** | **38,9%** | 100% |
| Химиялык технология | 0 | 0 | 20 | 15 | 10 | 45 |
| | 0,0% | 0,0% | **44,4%** | 33,3% | 22,2% | 100% |
| Медициналык жана фармацевтикалык химия | 0 | 0 | 12 | 28 | 19 | 59 |
| | 0,0% | 0,0% | 20,3% | **47,5%** | 32,2% | 100% |
| Биология Лабораториялык иш | 1 | 2 | 6 | 40 | 8 | 57 |
| | 1,8% | 3,5% | 10,5% | **70,2%** | 14,0% | 100% |
| Биоэкология | 1 | 1 | 9 | 14 | 10 | 35 |
| | 2,9% | 2,9% | 25,7% | **40,0%** | 28,6% | 100% |
| Биотехнология | 1 | 2 | 17 | 31 | 7 | 58 |
| | 1,7% | 3,4% | 29,3% | **53,4%** | 12,1% | 100% |
| География | 3 | 2 | 7 | 23 | 16 | 51 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5,9% | 3,9% | 13,7% | **45,1%** | 31,4% | 100% |
| Экология жана жаратылышты пайдалануу | 1 | 0 | 1 | 2 | 1 | 5 |
| | 20,0% | 0,0% | 20,0% | **40,0%** | 20,0% | 100% |
| Туризм | 1 | 1 | 21 | 13 | 14 | 50 |
| | 2,0% | 2,0% | **42,0%** | 26,0% | 28,0% | 100% |
| Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 1 | 2 | 19 | 22 | 45 |
| | 2,2% | 2,2% | 4,4% | 42,2% | **48,9%** | 100% |
| Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулган билим берүү мекемелеринде адистиги | 0 | 0 | 12 | 22 | 29 | 63 |
| | 0,0% | 0,0% | 19,0% | 34,9% | **46,0%** | 100% |
| Котормо жана котормо таануу (Кыргыз филология) | 0 | 1 | 5 | 3 | 7 | 16 |
| | 0,0% | 6,3% | 31,3% | 18,8% | **43,8%** | 100% |
| Лингвистика түрк тили | 0 | 0 | 4 | 2 | 7 | 13 |
| | 0,0% | 0,0% | 30,8% | 15,4% | **53,8%** | 100% |
| Адабий чыгармачылык | 0 | 0 | 3 | 5 | 8 | 16 |
| | 0,0% | 0,0% | 18,8% | 31,3% | **50,0%** | 100% |
| Филология (Орус тили жана адабияты) | 0 | 1 | 11 | 25 | 10 | 47 |
| | 0,0% | 2,1% | 23,4% | **53,2%** | 21,3% | 100% |
| Филологиялык билим берүү (Орус тили жана адабияты, поляк тили) | 2 | 0 | 8 | 17 | 13 | 40 |
| | 5,0% | 0,0% | 20,0% | **42,5%** | 32,5% | 100% |
| Лингвистика (англис тили) | 10 | 17 | 89 | 110 | 66 | 292 |
| | 3,4% | 5,8% | 30,5% | **37,7%** | 22,6% | 100% |
| Лингвистика (немец тили) | 2 | 1 | 3 | 20 | 9 | 35 |
| | 5,7% | 2,9% | 8,6% | **57,1%** | 25,7% | 100% |
| Лингвистика (француз тили) | 0 | 1 | 2 | 5 | 2 | 10 |
| | 0,0% | 10,0% | 20,0% | **50,0%** | 20,0% | 100% |
| Лингвистика (корей тили) | 0 | 1 | 10 | 25 | 24 | 60 |
| | 0,0% | 1,7% | 16,7% | **41,7%** | 40,0% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Европа таануу | 1 | 2 | 6 | 20 | 13 | 42 |
| | 2,4% | 4,8% | 14,3% | **47,6%** | 31,0% | 100,0% |
| Компьютердик лингвистика | 0 | 0 | 1 | 1 | 1 | 3 |
| | 0,0% | 0,0% | 33,3% | **33,3%** | **33,3%** | 100% |
| Котормо жана котормо таануу (Чет тилдер) | 5 | 11 | 46 | 66 | 69 | 197 |
| | 2,5% | 5,6% | 23,4% | **33,5%** | 35,0% | 100% |
| Социалдык иш | 2 | 2 | 6 | 19 | 17 | 46 |
| | 4,3% | 4,3% | 13,0% | **41,3%** | 37,0% | 100,0% |
| Психология | 0 | 7 | 15 | 18 | 4 | 44 |
| | 0,0% | **15,9%** | 34,1% | **40,9%** | 9,1% | 1% |
| Клиникалык психология | 0 | 3 | 12 | 12 | 4 | 31 |
| | 0,0% | 9,7% | **38,7%** | **38,7%** | 12,9% | 100% |
| Педагогика жана психология | 0 | 2 | 4 | 4 | 7 | 17 |
| | 0,0% | **11,8%** | 23,5% | 23,5% | **41,2%** | 100% |
| Философия | 0 | 0 | 0 | 2 | 3 | 5 |
| | 0,0% | 0,0% | 0,0% | 40,0% | **60,0%** | 100% |
| Дин таануу | 0 | 0 | 3 | 6 | 5 | 14 |
| | 0,0% | 0,0% | 21,4% | **42,9%** | 35,7% | 100% |
| Журналистика | 0 | 1 | 6 | 18 | 16 | 41 |
| | 0,0% | 2,4% | 14,6% | **43,9%** | 39,0% | 100% |
| Жарнак жана коомчулук менен байланыш | 0 | 3 | 7 | 14 | 11 | 35 |
| | 0,0% | 8,6% | 20,0% | **40,0%** | 31,4% | 100% |
| Теле көрсөтүү | 0 | 0 | 2 | 10 | 14 | 26 |
| | 0,0% | 0,0% | 7,7% | 38,5% | **53,8%** | 100% |
| Тарых | 0 | 0 | 15 | 36 | 35 | 86 |
| | 0,0% | 0,0% | 17,4% | **41,9%** | 40,7% | 100% |
| Аймак таануу | 1 | 0 | 7 | 14 | 8 | 30 |
| | 3,3% | 0,0% | 23,3% | **46,7%** | 26,7% | 100% |
| Табигый жана маданий мурас объектилерин жана | 0 | 0 | 2 | 9 | 13 | 24 |
| | 0,0% | 0,0% | 8,3% | 37,5% | **54,2%** | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| музеология | | | | | | |
| Архив таануу | 0 | 0 | 0 | 6 | 5 | 11 |
| | 0,0% | 0,0% | 0,0% | **54,5%** | 45,5% | 100% |
| Экономика жана башкаруу | 1 | 8 | 49 | 54 | 22 | 134 |
| | ,7% | 6,0% | 36,6% | **40,3%** | 16,4% | 100% |
| Бизнести башкаруу | 6 | 10 | 37 | 55 | 13 | 121 |
| | 5,0% | 8,3% | 30,6% | **45,5%** | 10,7% | 100% |
| Эл аралык мамилелер | 2 | 2 | 19 | 30 | 16 | 69 |
| | 2,9% | 2,9% | 27,5% | **43,5%** | 23,2% | 100% |
| Чыгыш таануу (Африканистик а) | 0 | 2 | 14 | 24 | 7 | 47 |
| | 0,0% | 4,3% | 29,8% | **51,1%** | 14,9% | 100% |
| Дипломатиялык жана консулдук кызмат | 1 | 5 | 28 | 40 | 16 | 90 |
| | 1,1% | 5,6% | 31,1% | **44,4%** | 17,8% | 100% |
| Маалыматтык системалар жана технологиялар | 1 | 6 | 9 | 23 | 12 | 51 |
| | 2,0% | **11,8%** | 17,6% | **45,1%** | 23,5% | 100% |
| Маалыматтык коопсуздук | 2 | 5 | 14 | 30 | 11 | 62 |
| | 3,2% | 8,1% | 22,6% | **48,4%** | 17,7% | 100% |
| Программалык инженерия | 3 | 2 | 15 | 27 | 12 | 59 |
| | 5,1% | 3,4% | 25,4% | **45,8%** | 20,3% | 100% |
| Информатика жана эсептөө техникасы | 1 | 1 | 8 | 9 | 5 | 24 |
| | 4,2% | 4,2% | 33,3% | **37,5%** | 20,8% | 100% |
| Бизнес-информатика, Маалыматтык технологиялар | 0 | 4 | 15 | 12 | 7 | 38 |
| | 0,0% | 10,5% | **39,5%** | 31,6% | 18,4% | 100% |
| Колдонмо информатика | 0 | 2 | 6 | 11 | 8 | 27 |
| | 0,0% | 7,4% | 22,2% | **40,7%** | 29,6% | 100% |
| Филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты) | 0 | 1 | 6 | 17 | 12 | 36 |
| | 0,0% | 2,8% | 16,7% | **47,2%** | 33,3% | 100% |
| Филологиялык билим берүү (чет тили) | 1 | 3 | 15 | 26 | 10 | 55 |
| | 1,8% | 5,5% | 27,3% | **47,3%** | 18,2% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Башталгыч классты окутуу | 0 | 6 | 8 | 41 | 45 | 100 |
| | 0,0% | 6,0% | 8,0% | 41,0% | **45,0%** | 100% |
| Мектепке чейинки окутуу бөлүмү окутуунун методикасы | 1 | 1 | 6 | 11 | 6 | 25 |
| | 4,0% | 4,0% | 24,0% | **44,0%** | 24,0% | 100% |
| Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу | 1 | 4 | 8 | 27 | 25 | 65 |
| | 1,5% | 6,2% | 12,3% | **41,5%** | 38,5% | 100% |
| Менеджмент | 4 | 5 | 40 | 38 | 38 | 125 |
| | 3,2% | 4,0% | 32,0% | 30,4% | 30,4% | 100% |
| Сапатты башкаруу | 0 | 4 | 21 | 38 | 43 | 106 |
| | 0,0% | 3,8% | 19,8% | 35,8% | **40,6%** | 100% |
| Маркетинг | 6 | 6 | 29 | 34 | 37 | 112 |
| | 5,4% | 5,4% | 25,9% | 30,4% | **33,0%** | 100% |
| Ишканадагы экономика | 0 | 8 | 25 | 22 | 19 | 74 |
| | 0,0% | 10,8% | **33,8%** | 29,7% | 25,7% | 100% |
| Банк иши | 0 | 0 | 5 | 8 | 14 | 27 |
| | 0,0% | 0,0% | 18,5% | 29,6% | **51,9%** | 100% |
| Бухгалтердик эсеп жана талдоо | 3 | 7 | 66 | 71 | 59 | 206 |
| | 1,5% | 3,4% | 32,0% | **34,5%** | 28,6% | 100% |
| Салыктар жана салык салуу | 1 | 6 | 11 | 19 | 16 | 53 |
| | 1,9% | **11,3%** | 20,8% | **35,8%** | 30,2% | 100% |
| Каржы жана насыя | 3 | 8 | 38 | 59 | 40 | 148 |
| | 2,0% | 5,4% | 25,7% | **39,9%** | 27,0% | 100% |
| Бухгалтердик эсеп жана талдоо (Кесиптик колледж) | 1 | 2 | 7 | 12 | 10 | 32 |
| | 3,1% | 6,3% | 21,9% | **37,5%** | 31,3% | 100% |
| Экономика (Кесиптик колледж) | 1 | 1 | 7 | 16 | 8 | 33 |
| | 3,0% | 3,0% | 21,2% | **48,5%** | 24,2% | 100% |
| Каржы жана | 3 | 2 | 15 | 14 | 12 | 46 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| насыя (Кесиптик колледж) | 6,5% | 4,3% | **32,6%** | 30,4% | 26,1% | 100% |
| Экономика менеджмент (Кесиптик колледж) | 2 | 4 | 14 | 24 | 12 | 56 |
| | 3,6% | 7,1% | 25,0% | **42,9%** | 21,4% | 100% |
| Банк иши (Кесиптик колледж) | 2 | 6 | 15 | 28 | 30 | 81 |
| | 2,5% | 7,4% | 18,5% | 34,6% | **37,0%** | 100% |
| Кытай таануу Кыргыз Кытай институту | 4 | 0 | 14 | 19 | 27 | 64 |
| | 6,3% | 0,0% | 21,9% | 29,7% | **42,2%** | 100% |
| Юриспруденция | 2 | 6 | 38 | 91 | 82 | 219 |
| | ,9% | 2,7% | 17,4% | **41,6%** | 37,4% | 100% |
| Соттук экспертиза | 1 | 0 | 4 | 10 | 20 | 35 |
| | 2,9% | 0,0% | 11,4% | 28,6% | **57,1%** | 100% |
| Бажы иши | 3 | 2 | 14 | 23 | 14 | 56 |
| | 5,4% | 3,6% | 25,0% | **41,1%** | 25,0% | 100% |
| Укук таануу (Кесиптик колледж) | 10 | 23 | 58 | 73 | 75 | 239 |
| | 4,2% | 9,6% | 24,3% | 30,5% | **31,4%** | 100% |
| Котормо жана котормо таануу (англис тили колледж) | 1 | 9 | 33 | 37 | 15 | 95 |
| | 1,1% | 9,5% | 34,7% | **38,9%** | 15,8% | 100% |
| Англис тили мугалими ( кесиптик колледж) | 2 | 1 | 20 | 23 | 8 | 54 |
| | 3,7% | 1,9% | 37,0% | **42,6%** | 14,8% | 100% |
| Котормо жана котормо таануу (кытай тили колледж) | 1 | 1 | 9 | 10 | 4 | 25 |
| | 4,0% | 4,0% | 36,0% | **40,0%** | 16,0% | 100% |
| Маалымат технологиялар бөлүмү (Кесиптик колледж) | 2 | 2 | 18 | 28 | 15 | 65 |
| | 3,1% | 3,1% | 27,7% | **43,1%** | 23,1% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кытай тили | 1 | 0 | 2 | 0 | 5 | 8 |
| | 12,5% | 0,0% | 25,0% | 0,0% | **62,5%** | 100% |
| Башталгыч классты окутуу (Кесиптик колледж) | 2 | 3 | 12 | 23 | 29 | 69 |
| | 2,9% | 4,3% | 17,4% | 33,3% | **42,0%** | 100% |
| **Жалпы** | 110 | 244 | 1190 | 1923 | 1463 | 4930 |
| | 2,2% | 4,9% | 24,1% | **39,0%** | 29,7% | 100% |

### 6.2 Канаатануу абалы башка “абитуриенттерге сунуштоо” перспективасында

Сабактардан жетишүүсү боюнча *жакшы окуган* студентердин 38,1%ы, *мыкты окуган студенттердин* 31,1%ы жана *канааттандыраарлык окуган студентердин* 29,8%ы биздин университетти башка абитуриенттерге *“жакшы”* деген, позиттивдүү деңгээл менен сунушташат. Сабактардан жетишүүсү боюнча *канааттандыраарлык окуган* студенттердин салыштырмалуу көбүрөөк бөлүгү абитуриенттерге 31,8% менен *“орто”* деңгээлде сунушташат.

Студентердин сабактарга жетишүү деңгээли боюнча караганда, *канаатандыраарлык* деңгээлде окуган студенттер салыштырмалуу 13,6% менен *“төмөн”* б.а башка абитуриенттер сунушташпай тургандыгын байкоого болот. Ал эми мыкты окуган студенттер университетти башка абитуриенттерге сунуштоосу 28,6% менен жогору экендигин көрүүгө болот (төндөгү диаграмманы караңыз↓). Демек, бул көрсөткүч студенттердин мыкты, жакшы же канаттандыраарлык окугандыгына карап университтетеги билим берүү процессине канааттануу деңгээли айрымалангандыгын байкоого болот.

*Диаграмма 21 Студенттердин сабактардан жетишүүсү боюнча университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун денгээли*




Ал эми курстарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээлине карай турган болсок, 1-курстун студенттери университтети башка абитуриенттерге сунуштоосу, 35,9%, 2-курс 35,7%, 3-курс 35,1% жана мындагы маанилүү айрымачылык 5-курстарда, бул курстар 32,3% салыштырмалуу жогорку көрсөткүч менен университетти башка абитуриенттерге *“орто”* деңгээлде сунушташат (төмөндөгү диаграмма). Негизинен эле студенттердин курстары боюнча жыйынтыктай турган болсок, университетти башка абитуриенттерге сунуштоосу *“жакшы”* деңгээлде.

*Диаграмма 22 Курстарга карата университитетти абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли*




Факультеттердин арасында университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли боюнча суроодо Юридикалык факультети жогорку көрсөткүч 34,3%ы *“жакшы”* 29,9%, андан кийинки *“орто”* көрсөткүчү 23,1%. Экономика факультети *“жакшы”* 31,2%ды, “орто” 29,5%, *“мыкты”* 18,3%ды түздү. Башкаруу жана бизнес факультети 33,5%ы *“жакшы”, “орто”* 30,3%ды, *“мыкты”* 22%. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети жогорку көрсөткүч 40,0%ы *“жакшы*”, “орто” 28,6%, *“мыкты”* 24,3%. Кесиптик колледждин жогорку көрсөткүч 32,1%ы *“жакшы”* андан кийинки көрсөткүч *“орто”* 30,4%ды, *“мыкты”* 20,1%. Педагогика факультети жогорку көрсөткүчү 40,3%ы *“жакшы”, “орто”* 24,3%, *“мыкты”* 16,7%. Кыргыз-кытай факультети 35,7%ы *“мыкты”,* 32,7%ы *“жакшы”, “орто”* 19,3%ды. Маалыматтык жана инновациялык технологиялар 36,1%ы *“жакшы”,* 31,1%,ы *“орто”* дэңгээлин түздү. Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу жогорку көрсөткүчү 35,6%ы *“жакшы”,”орто”* 31,8%, *“төмөн”* көрсөткүч 13,7%ды түздү. Кыргыз европа жогорку көрсөткүчү *“орто”* 38,6%, андан кийинки көрсөткүч 27,9%ы *“жакшы”* ,9,6% *“мыкты”* деп жооп берген. Тарых жана чөлкөм таануу

жогорку көрсөткүч 41,6%ы *“жакшы”,* 27,3%ы *“мыкты”,* 26,0%ы *“орто”* деп жооп беришкен. Журналистиканын жогорку көрсөткүчү 35,8%ы *“жакшы”, “мыкты”* 26,6% *“орто”* 26,6%ды түздү. Социалдык-гуманитардык илимдер институтужогорку көрсөткүчү 36,6%ы *“орто”* деп жооп беришкен, *“жакшы”* деп 31%ы, *“мыкты”* 11,3%ды түздү. Чет тилдер факультети жогорку көрсөткүчү *“орто”* болуп 35,1%ды, *“жакшы”* 31,5%ды, *“мыкты”* 11,8%ды түздү. Орус жана славян таануу факультетинин жогорку көрсөткүчү 39,8% *“жакшы” ,”орто”* 25,9%, *“мыкты”* 25,9%ды түздү. Кыргыз филология факультетинин жогорку көрсөткүч 42,3% *“жакшы”, “орто”* 30,9%ды, *“мыкты”* деп 18,8%ы жооп беришкен. География, экология жана туризм факультетинин эң жогорку көрсөткүчү болуп 43,9%ы *“жакшы”* деп жооп беришсе 24,3%ы *“орто”,* 15%ы *“мыкты”* деп жооп беришкен. Биология факультетинин жогорку көрсөткүчү 44,2% *“жакшы”,* 32,1%ы *“орто”, “мыкты”* 10,9%ды түздү. Химия жана химиялык технологиялар факультетинин жогорку көрсөткүчү *“жакшы”* 37,6% андан кийинки *“орто”* 32,3%ды, *“мыкты”* 15%ды түздү. Физика жана электроника факультетинин жогорку көрсөткүчү 40,0%ы *“орто”* деп жооп беришкен, *“жакшы”* деп 40,0%ы, *“мыкты”* 20%ды түздү. Математика жана информатика факультетинин жогорку көрсөткүчү “жакшы” деп 40,4%ы жооп беришкен, *“орто”* деп 27,7%ы, *“мыкты”* 15,7%ы деп беришкен.

*Диаграмма 23 Факультеттердин арасында университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли*




*Улуттарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли* деген суроону улуттар боюнча карай турган болсок, карачай, моңгол

жана түркмөн 100%, азербажан 60%, тажик 57,1%, лезгин 50% “*жакшы*” деңгээлде. Курд улутундагылар 75%ы, лезгин 50% жана азербажан 40% “*жогорку*” жана башка улуттарга караганда корей 60%га, метис жана кытай 50%га “*орто”*. Ал эми “өтө төмөн” деп белгилегендердин арасынан жогорку көрсөткүч боюнча татар 42,9%ды жана уйгур 28,6%ды түзөт (төмөнкү диаграмманы караңыз).

*Диаграмма 25 Улуттарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли*



### 6.4 Университетте билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн студенттер тарабынан сунуштар

Изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттерге *"КУУдагы билим берүү сапатын жогорулатуу үчүн сиз кандай сунуштарды бересиз?"*деген суроо берилген. Албетте окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн студенттер тарабынан сунуштар маанилүү. Респонденттер тарабынан берилген сунуштарга карай турган болсок, биринчиден эле; 40,4% *"Окуу үчүн шарттарды жакшыртып түзүү"* түзөт.

Окуу жайда изилдөөгө катышкан студенттердин маанилүү бөлүгү, 23,3%ы өзгөчө окуу аудиторияларынын жасалгаланышы боюнча сунуштарды баса белгилешкен. Карай турган болсок, *"Аудиториялардын жасалгаланышы:*

- *Ремонттоо (шып, дубал, полдор, жаңы терезелер, терезе жалюзу, эшик туткалары, лампочка, электр туташтыргычтары)*. Бул каражаттар көпчүлүк корпустардагы аудиторияларда жараксыз абалда.
- *Парта-отургучтар эскирген, интерактивдүү доска, проекторлор жеткиликсиз*
- *Жылуулуктун жетишсиздиги (отопление) көпчүлүк аудиторияларда жылуулук кызматы (отопление эскилиги жеткенчиги үчүн жылуулук бербейт)*
- *Компьютердик аудиторияларды ылдамдатылган интернет менен камсыздоо"* деген сунушту белгилешкен.

Ал эми үчүнчү сунуш 10,5%ы *"Адистик сабактарды көбөйтүү"*, 7,6% *"заманбап билим берүү системасы"*, 6,3% *"Пенсия курагындагы СССРдин эскирген окутуу ыкмасын колдонгон мугалимдердин ордуна жаш жаңы ыкмаларды колдоно билген профессионалдуу, квалификациялуу мугалимдер"*, 2,4% *"Коррупция кубулушунун жоюлушун колго алуу"*, 2,9% *"Окутуунун методун жаңылоо. Жаңы инновациялык технологиялар менен жабдуу (интерактивдүү доскалар) Практикалык сабактарды көбөйтүү"* (төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

Студенттердин лекторлордун тилдик тараптан маани бериши боюнча *"Лекцияларды кыргыз тилинде өтүү"* жана *"Орус тилинде профессионалдуу сүйлөй алган мугалимдер болсун"* деген сунуштарды берген. Ошондой эле сабактар боюнча *"Лекцияларда студенттерге сабак ортосунда кызыктуу суроо берип, бир эле агай сүйлөй бербей кызыктуу өтүлсө"*, *"Практикалык сабактарды көбөйтүү"*, *"Сабактарды заманбап технологиялар менен кызыктырып өтүү"*, *"Студенттерди кызыктыруу"* жана *"Экзамен*

*модулдарды ооз эки түрүндө өткөрүү”*деген сунуштарды жазышкан. Ал эми китепканалар боюнча *“Китепканаларда профессияга байланышкан жаңы, заманбап окуу китептерин көбөйтүү”* керек экендигин белгилешкен. Муну менен катар “*Факультеттерде иш чараларды уюштуруу жана активдүү катышуу”“Бюджеттик орундарды көбөйтүү” “Сурамжылоону көп жүргүзүү”* сунуштарын беришкен (төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

*Таблица 44 Респонденттер тарабынан берилген сунуштар*

| **КУУдагы билим берүү сапатын жогорулатуу үчүн сиз кандай сунуштарды бересиз?** | | Саны | % |
|---|---|---|---|
| *1)* | Окуу үчүн шарттарды жакшыртып түзүү | 859 | 40,4% |
| *2)* | Аудиториялардын жасалгаланышы<br>- ремонттоо (шып, дубал,эшик туткалары, парта стул, интерактивдүү доска, лампочка, электр туташтыргычтары, проектор)<br>- жылуулуктун жетиштүү болушу (отопление)<br>- жаңы терезелер<br>- жалюз<br>- компьютер<br>- интернет менен камсыздоо | 496 | 23,3% |
| *3)* | Адистик сабактарды көбөйтүү | 224 | 10,5% |
| *4)* | Заманбап билим берүү системасы | 162 | 7,6% |
| *5)* | Пенсия курагындагы СССРдин эскирген окутуу ыкмасын колдонгон мугалимдердин ордуна жаш жаңы ыкмаларды колдоно билген профессионалдуу, квалификациялуу мугалимдер | 135 | 6,3% |
| *6)* | Окутуунун методун жанылоо. Жаңы инновациялык технологиялар менен жабдуу (интерактивдүү доскалар). Практикалык сабактарды көбөйтүү | 62 | 2,9% |
| *7)* | Коррупция кубулушунун жоюлушун колго алуу (кээде студенттер тарабынан кээде мугалимдер тарабынан эки тараптуу болгон учурлар) | 51 | 2,4% |
| *8)* | Лекцияларды кыргыз тилинде өтүү | 23 | 1,1% |
| *9)* | 1-курстарды түштөн кийин окутуу | 24 | 1,1% |
| *10)* | Китепканаларда профессияга байланышкан жаңы, заманбап окуу китептерин көбөйтүү | 21 | 1% |
| *11)* | Факультеттерде иш чараларды уюштуруу жана | 13 | 0,6% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | активдүү катышуу | | |
| *12)* | Лекцияларда студенттерге сабак ортосунда кызыктуу суроо берип, бир эле агай сүйлөй бербей кызыктуу өтүлсө | 12 | 0,6% |
| *13)* | Экзамен модулдарды ооз эки түрүндө өткөрүү | 12 | 0,6% |
| *14)* | Бюджеттик орундарды көбөйтүү | 10 | 0,5% |
| *15)* | Студенттерди кызыктыруу | 7 | 0,3% |
| *16)* | Практикалык сабактарды көбөйтүү | 5 | 0,2% |
| *17)* | Орус тилинде профессионалдуу сүйлөй алган мугалимдер болсун | 5 | 0,2% |
| *18)* | Сабактарды заманбап технологиялар менен кызыктырып өтүү | 2 | 0,1% |
| *19)* | Сурамжылоону көп жүргүзүү | 2 | 0,1% |
| *20)* | Айрым мугалимдер өздөрү канааттандыраарлык билим берип студенттен талап кылса | 1 | 0% |
| *21)* | Чет өлкөлүк университеттер менен өз ара байланыш | 1 | 0% |
| *22)* | Жылуулук кызматын жеткиликтүү кылуу | 1 | 0% |
| | Жалпы | 2128 | 100% |
| | Жооп бербегендер | 3004 | |
| | | 5132 | |

Сурамжылоодо окуу жайыбызда окуп жаткан студенттерибиздин басымдуу бөлүгү окуу үчүн заманбап, комплекстүү шарттардын түзүлүшүнө басым жасашкандыгын байкоого болот.

# КОРУТУНДУ

2022-2023-окуу жылында университетибизде бакалавр жана адистикте окуган 1-5-курстардын ичинде (анын ичинен сырттан окуган, магистратурада окугандар жана экинчи профессияда окугандар, Ош филиалы, Юридикалык институт (Юридикалык академия) структуралардан тышкары) 11 177 студент окуйт.

“Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо” темасындагы изилдөөдө жыйырма бир институт жана факультеттер боюнча, жалпы жетмиш үч (73) багыттан 5132 студент катышты. Алардын ичинен 70,3%ын аялдар жана 29,7% эркектер түзөт. Улуттар боюнча караганда, жыйырма жети улуттун өкүлдөрү, 94,1% кыргыз, (49) 1% казактар, өзбек (24) 0,5%, тажик (7) 0,1%, орус улуту (73) 1,4%, дунган (57) 1,1%, метис (8) 0,2%, татар (7) 0,1%, уйгур (14) 0,3%, корей (10) 0,2%, курд (4) 0,1%, украина (5) 0,1%, түрк (9) 0,2%, түркмөн (1) 0%, моңгол (1) 0%, чечен 0%, кытай (8) 0,2%, карачай (2) 0%, азербайжан (5) 0,1%, немец (3) 0,1%, лезгин (2) 0%, американ (1) 0%, араб (4) 0,1%, дагестан (1) 0%, армян (1) 0% жана япон (1) 0%ын түзөт. Ал эми респонденттердин сабактардан жетишүүсү боюнча караганда, 58%ын жакшы окуган студенттер, 25,8% катааттандыраарлык окуган, 15,7%ын мыкты окуган студенттер түзөт.

Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды макро деңгээлде төмөндөгүдөй операцианализация кылсак болот:

*Диаграмма 26 КУУ тарабынан көрсөтүүчү кызматтарга канааттануу абалынын операционализацияланышы*




Мында университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардан *окуу процесси*, *түзүлүштүк бөлүмдөрдүн иши*, *КУУнун студенти болуу* жана дагы канааттанууга таасир этүүчү факторлорду өз алдынча аспект катары карап, мына ушул негиздер менен студенттердин канааттануу абалы анализделди.

Түзүлүштүк бөлүмдөрүнүн ичинен окуу башкармалыгынын ишин салыштырмалуу *“өтө төмөн”* баалашкан. Ал эми илим жана инновациялар, административдик-чарба, мамлекеттик тил боюнча бөлүм, студенттик кадрлар бөлүмү, факультеттин деканатынын ишин *“жакшы”* жана *“эң жакшы”* баалашкан.

Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды баалоодо окуу процесси, анын ичинен лексиялардын өтүлүшүнө канааттануу абалы *“жакшы”*. Студенттер семинардык, практикалык, лабороториялык сабактарга 45,2% жогорку пайыз менен *1-2 саат* даярданышат. Окуу жайыбызда студенттердин сабактардан даярданууга 1-2 саат минималдуу убактысын коротушу көңүл буруучу жагдай.

Учурда дүйнөнүн белгилүү университеттеринде китепканар 24 саат бою, толук ыңгайлуу шарттары менен иштейт. Студенттер китепканаларда өз алдынча окуп билим алышат, азыркы биз жашап жаткан *“акылдуу”* технологиялардын, цивилизациянын өнүгүп жатышына, глобалдуу илимий ачылыштардын жаралуусуна

китепкалардын түзмө-түз тиешеси бар. Ал эми изилдөөбүздө студенттер университеттин китепканасына башка варианттарга салыштырмалуу 40%ы таптакыр барбайт. Өзгөчө иштебеген студенттердин 46,2%ы иштегендердин 53,8%ы (T-Test анализинде: (Sig. (2-tailed) p= 0,003 < 0,005) маанилүү айрыма болгон) университеттин китепкаласына такыр барбайт. Анда *"Семинардык сабактарга көбүнчө кайсы жерде даярданасыз?"* – деген суроо берилген. Көпчүлүк студенттер максималдуу 87,1% пайыздык көрсөткүч менен *"Үйдө өз алдымча, окуу китептерин, интернет ресурстарын колдонуп"* деп жооп беришкен. Азияда химия боюнча Нобель сыйлыгынын лаурияты болгон окмуштуу Азиз Санжар Кыргызстанга 2018-жылы Кыргыз-Түрк Манас университетинин жамааты менен жолугушуусунда *университетте окуп жүрүп күнүгө 17 саат китепканаларда болгондугун* белгилеген. Окурман сезип тургандай, студенттерди китепканаларга тартууда университетте китепканалардын жетиштүү болушу менен катар ыңгайлуу заманбап шарттардын уюштуруу окуу жайыбыздын эң башкы миссиясын ишке ашырууда алгылыктуу жагдай болмок.

Окуу процессин уюштурууда респонденттер биринчиден *практикалык сабактар аз* деп эсептешет, экинчиден 18,2%ы *окутулуп жакан дициплиналар адистиктин талаптарына дал келбейт* десе, үчүнчүдөн 16% менен *окутуунун методдору эски*, төртүнчүдөн 14,5%ы *адистик үчүн маанилүү дициплиналарга жетиштүү саат бөлүнгөн эмес* деп эсептешет.

Канааттанууга таасир этүүчү факторлор катары: жумуш, коррупция кубулушу, заманбап техникалык жабдыктар; китепканалар, окуу залдары; спорттук секциялар; студенттик медициналык пункт; имараттын фасады, коридорлор, аудиториялар, лабароториялар, спорттук залдар, аянтчалар, университеттин жашылдандырылышы; университеттин жатаканалары; санитардык-гигиеналык абал; ашкана кызматы аркылуу операцияназизация кылууга болот:

*Диаграмма 27 Канааттанууга таасир этүүчү факторлор*




- Сурамжылоого катышкан респонденттердин 51,9%ы иштешет. Курсу жогорулаган сайын (б.а 3-курстан маанилүү пайыздык айрымачылыктар) окууну жумуш менен айкалыштырат. Алардын ичинен 70,8%ынын иши окуп жаткан адистигине байланышкан эмес. Иштеген студенттердин окуусуна таасири алардын жынысынан, тагыраак айтканда иштеген эркектерге караганда аялдардын окуусуна жумушу көбүрөөк таасир этет.
- Коррупциялык кубулуштардын болушу канааттануу абалына түздөн түз таасир этүүчү кубулуш. Университтетте эң өкүнүчтүүсү коррупциялык кубулуштар дагы да болсо бар. Биринчи кезекте жемкорчулук 61,4%ы *“Сабакка келбесе да, студенттин сессиясынын бүтүн кетишинде”*, экинчиден 20,8% көрсөткүч менен *“Сабакка келбеген студенттерди жаап-жашырууда”*, үчүнчү учур 7,0% *“Абитуриенттерди кабыл алууда”*, төртүнчү 4,1% менен *“Студенттердин билимин баалоо учурунда”*, 1,1% “*Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди жазып, коргоодо”* байкалат. Айрыкча факультеттердин ичинен Юридика 22,4%, Кесиптик колледж 21,5%, Экономика 19,4%, Педагогика 18,9%ында салыштырмалуу пайыздык көрсөткүчтөрү жогору.

- Заманбап техникалык жабдыктар менен жабыдышында компьютер каражаттарын колдонуу, компьютердик аудиторияларда интернеттин жеткиликтүүлүгүнө *“канааттанат”*

  Ошондой эле санариптешкен заманбап коомдо веб-сайттарды колдонуу бидим берүү уюмдарында акыркы убакытта кеңири колдонулуп келе жаткан ыңгайлуу платформа болуп саналат. Окуу жайдын веб-сайтын колдонбогондор 50,4%. Учурдагы билим берүү чөйрөсүндөгү заманбапташкан интернет платформалары өнүгүп турган учурда университетибиздин студенттеринин жарымы гана веб-сайтты колдонот. Мында бир канча факторлор болушу ыктымал. Айта кетсек, веб-сайтты колдонуу анчалык ыңгайлуу эместиги, студенттер үчүн колдонмо усулдарынын сайтта жеткиликтүү эместигинин ыктымалдуулугу. Университетибиз билим берүүчү уюм катары өзүнүн веб-сайтын студенттер үчүн ыңгайлуу платформа катары колдонушу максатка ылайыктуу.
- Спорттук секциялардын ишине, медициналык пункттун ишине*“канааттандырат”.*
- Аудиториялардын жасалгаланышына факультеттердин ичинен География, экология жана туризм 42,1%, Кыргыз филологиясы 41,6%, Эл аралык мамилелер жана Чыгыш таануу 40,8%, Кыргыз Европа 38,2%, Тарых жана чөлкөм таануу 36,4%, Математика жана информатика 36,1%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 35,2% жана Биология 32,7% факультеттери “*канааттанбайт”*. Жогорку пайыздык көрсөткүчтөр менен аудиториялардын, лабароториялардын жасалгаланышына *“канааттанбагандар”* байкалып тургандай көп. Мындан биз студенттер аудиториялардын жасалгаланышына дээрлик кааттанбайт. Ушул боюнча университет тиешелүү иштерди алып барышы максаттуу.
- Спорттук залдар, аянтчалар боюнча канаттануу абалы 1-2- курстар 24,2 % - 27,6 %ы, 3-4-курстар 27,5 % -26,3 %ы 5-курстардын 21,5%ы салыштырмалуу жогорку пайыздык көрсөткүч менен *“канааттандырбайт”* .
- Окуу процессинде билим берүү уюмунун баштапкы жасалгаланышы коридорлордон башталат. Коридорлорго *“орточо канааттанган”* факультеттер Экономика 29,1%, Башкаруу жана бизнес 26,9%, Педагогика 24,3%, Орус жана славян филологиясы 24,1%, Кыргыз-Кытай 23,5%, Мамлекеттик жана муниципалдык 21,4%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 21,1% жана Журналистика 18,63%. Ал эми “*канааттанбаган*” факультеттер География, экология жана туризм 39,3%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу 35,6%, Кыргыз филологиясы 32,9%, Тарых жана чөлкөм таануу 32,5%, Кыргыз Европа 31,8%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 31,7% жана Педагогика 31,1%ы жүз пайыздык көрсөткүчтүн жогоркусун түзгөн.

  Статистикалык анализдерден көрүнүп тургандай университеттин жасалгаланышы, коридорлрор, аудитория, лабароториялардын жасалгаланышыны катааттануу

деңгээли төмөн экендигин көрө алдык. Демек университеттин жасалгаланышы боюнча жакшыртуу иштеринин жүрүшү максатуу экендигин айтуу негиздүү.

- Университеттин жашылдандырылышы боюнча жалпысынан карай турган болсок, 25,4-17,8%ы “*канааттанат-толугу менен канааттанат*”.
- Университет тарабынан көрсөтүлүүчү эң маанилүү кызматтардын аспектилеринен жатаканалар. Респонденттердин 21,5-21,2%ы позиттивдүү *канааттандырат* жана *толугу менен канааттандырарын.*
- Респонденттердин 21,5-21,2%ы позиттивдүү “*канааттандырат-толугу менен канааттандырат*”. Ал эми 18,8%ы орточо, 15,4% *жарым-жартылай канааттанышат*. Белгилей кетчү жагдай башка варианттарга салыштырмалуу жатаканаларга канчалык деңгээлде канааттанарына *жоот бере албагандаргын* пайыздык көрсөткүчү 23% жогорку, мында жооп берниси келбеген бирок канааттануу боюнча айта албаган жагдай бар экендигин да эске алынуусу маанилүү.
- Университетте санитардык-гигиеналык абал студенттерди канааттандырат.
- Ашкана кызматы жалпы эле университет боюнча жеткиликтүүлүк абалы боюнча маселелер бар. Айрым корпустарда таптакыр жок болгондугу үчүн ашкана кызматынын ишине канааттануу боюнча жооп бере албагандардын пайыздык үлүшү да жогору. Университетте студенттер үчүн ыңгайлуу ашкана кызматынын жеткиктүүлүгүн ишке ашыруу үчүн көңүл бурулуусу зарыл.

Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоодо “КУУнун студенти болуу” изилдөөнүн жүрүшүндө *“Сиздин пикириңиз боюнча өлкөбүздөгү эң мыкты 10 ЖОЖду ирээти менен жазыңыз?”* деген атайын суроо берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгына карай турган болсок, респонденттерибиздин 25% Кыргызстандагы эң мыкты ЖОЖ Борбордук Азиядагы Америка Университети деп эсептешет. Бул жагдай студенттердин аталган окуу жайдагы ички же эл аралык деңгээлдеги престиждүүлүгү, билим берүү сапатынын жогору баалашкандыгын көрсөтөт. Ал эми экинчи орунда 23% менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети мамлекеттик окуу жайларынын ичинен статусу жогору болгондугу үчүн студенттердин *уииверситеттик идентүүлүгү* да жогору экендигин көрсөтөт. КУУнун студенти экендигине канааттануу деңгээли *“жакшы”*.

Ар бир уюмдун бир система катары өз ишин улантуусунун башында миссиясы турат. Башкача айтканда уюм максат жана миссиясынын негизинде иштейт. Респонденттердин ичинен 4306 студенттин 73,7%ы университеттин миссиясын билбейт. Мында университеттин миссиясын анын ичиндеги мүчөсү биле тургандай абалда ыңгайлуу, түшүнүктүү кылып иштеп чыгуу максаттуу.

Канаатануу абалы  башка “абитуриенттерге сунуштоо” перспективасында караганда студенттердин курстары боюнчауниверситетти башка абитуриенттерге сунуштоосу

*“жакшы”* деңгээлде. *Улуттарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли* деген суроону улуттар боюнча карай турган болсок, карачай, моңгол жана түркмөн 100%, азербажан 60%, тажик 57,1%, лезгин 50% “*жакшы*” деңгээлде. Курд улутундагылар 75%ы, лезгин 50% жана азербажан 40% “*жогорку*” жана башка улуттарга караганда корей 60%га, метис жана кытай 50%га “*орто”*. Ал эми “өтө төмөн” деп жогорку көрсөткүч боюнча татар 42,9%ды жана уйгур улутундагылар 28,6%ды түзөт.

Окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн студенттер тарабынан сунуштар маанилүү. Изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттерге *“КУУдагы билим берүү сапатын жогорулатуу үчүн сиз кандай сунуштарды бересиз?”*деген суроого биринчиден эле; 40,4% *“Окуу үчүн шарттарды жакшыртып түзүү”* түзөт. Окуу жайда изилдөөгө катышкан студенттердин маанилүү бөлүгү, 23,3%ы өзгөчө окуу аудиторияларынын жасалгаланышы боюнча сунуштарды баса белгилешкен. Карай турган болсок, *“Аудиториялардын жасалгаланышы:*

- *Ремонттоо (шып, дубал, полдор, жаңы терезелер, терезе жалюзу, эшик туткалары, лампочка, электр туташтыргычтары).* Бул каражаттар көпчүлүк корпустардагы аудиторияларда жараксыз абалда.
- *Парта-отургучтар эскирген, интерактивдүү доска, проекторлор жеткиликсиз*
- *Жылуулуктун жетишсиздиги (отопление) көпчүлүк аудиторияларда жылуулук кызматы (отопление эскилиги жеткенчиги үчүн жылуулук бербейт)*
- *Компьютердик аудиторияларды ылдамдатылган интернет менен камсыздоо”* деген сунушту белгилешкен.

Ал эми үчүнчү сунуш (10,5%ы) *“Адистик сабактарды көбөйтүү”,* 7,6% *“заманбап билим берүү системасы”,* 6,3% *“Пенсия курагындагы СССРдин эскирген окутуу ыкмасын колдонгон мугалимдердин ордуна жаш жаңы ыкмаларды колдоно билген профессионалдуу, квалификациялуу мугалимдер”,* 2,4% *“Коррупция кубулушунун жоюлушун колго алуу”,* 2,9% *“Окутуунун методун жаңылоо. Жаңы инновациялык технологиялар менен жабдуу (интерактивдүү доскалар) Практикалык сабактарды көбөйтүү”* (төмөндөгү таблицаны караңыз↓).

Студенттердин лекторлордун тилдик тараптан маани бериши боюнча *“Лекцияларды кыргыз тилинде өтүү”* жана *“Орус тилинде профессионалдуу сүйлөй алган мугалимдер болсун”* деген сунуштарды берген. Ошондой эле сабактар боюнча *“Лекцияларда студенттерге сабак ортосунда кызыктуу суроо берип, бир эле агай сүйлөй бербей кызыктуу өтүлсө”, “Практикалык сабактарды көбөйтүү”, “Сабактарды заманбап технологиялар менен кызыктырып өтүү”, “Студенттерди кызыктыруу”* жана *“Экзамен модулдарды ооз эки түрүндө өткөрүү”*деген сунуштарды жазышкан. Ал эми китепканалар боюнча *“Китепканаларда профессияга байланышкан жаңы, заманбап окуу китептерин көбөйтүү”* керек экендигин белгилешкен. Муну менен катар “*Факультеттерде иш*

*чараларды уюштуруу жана активдүү катышуу”“Бюджеттик орундарды көбөйтүү” “Сурамжылоону көп жүргүзүү”* сунуштарын беришкен.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНАН ОКУУ ЖАЙ ТАРАБЫНАН КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ КЫЗМАТТАРДАГЫ КЕМЧИЛИКТЕР, КӨҢҮЛ БУРУЛУУЧУ ЖАГДАЙЛАР

- Студенттердин сабака катышуу деңгээлинин төмөндүгү
- Университеттин материялдык-техникалык базасынын начарлыгы
- Корпустарда китепкана, окуу залдарынын жеткиликсиздиги
- Китепкана, окуу залдарда заманбап инфраструктуранын жеткиликсиздиги
- Маданий (комуз, улуттук аспаптар менен кол ойноткон ийрим, бий топтору) спорттук студенттик топторун, клубтардын жоктугу
- Салттуу жана түрдүү спорттук оюндар үчүн атайын заманбап объектилердин жоктугу (студенттик клубдарын түзүү)
- Студенттин сессиясынын бүтүп кетүү процессинде, сабакка келбеген студенттерди көзөмөлдөөдө жана абитуриенттерди кабыл алуу жагдайларында коррупциялык кубулуштардын байкалышы
- Ылдамдык менен өнүгүп жаткан заманбап технологияларга шайкеш келүүдөгү кыйынчылыктар
- Аудиториялардын жасалгаланышы

ремонттоо (шып, дубал, эшик туткалары, парта стул, интерактивдүү доска, лампочка, электр, туташтыргычтары, проектор), жылуулуктун жетиштүү болушу (отопление), жаны терезелер, жалюз, компьютер, интернеттин жетишсиздиктери

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНЫН НЕГИЗИНДЕГИ СУНУШТАР

- Өлкө ичинде жана эл аралык аренада үлгүлүү жогорку окуу жайы болуу
- Корпустарда коридорлордун фасадынын заманбап түрдө оңдолүп түзөлүшү
- Университеттин веб-сайтын студенттердин толук түрдө ыңгайлуу, заманбап форматта колдонуусуна ыңгайлашкан жаңы платформа иштеп чыгуу
- Окууну жумуш менен айкалыштырган студенттерге кураторлордун жакындан коммуникацияда болуп турушу
- Университет тарабынан атайын жакшы жана мыкты окуган студенттерди колдой турган стипендиялардын берилүүсү
- Студенттин сессиясынын бүтүп кетүү процессинде, сабакка келбеген студенттерди көзөмөлдөөдө жана абитуриенттерди кабыл алуу жагдайларында коррупциялык кубулуштардын болуп кетишин алдын алуу менен тиешелүү кызматкерлерди тыкыр көзөмөлдөө
- Корпустарда студенттер үчүн ашкана кызматынын жеткиликтүүлүгүнө ыңгайлуулуктарды түзүү
- Аудиториялардын жана лабароториялардын заманбап түрдө жасалгаланышы ремонттоо (шып, дубал, эшик туткалары, парта стул, интерактивдүү доска, лампочка, электр, туташтыргычтары, проектор), жылуулуктун жетиштүү болушу (отопление), жаны терезелер, жалюз, компьютер, интернет масеселелерин чечүү
- Спорттук залдар, аянтчаларды куруу

## ТАБЛИЦА

Таблица 1. Респонденттердин улуту боюнча пайыздык көрсөткүчү ................ 11
Таблица 2. Факультеттер боюнча респонденттердин пайыздык үлүшү ........... 12
Таблица 3. Багыттар боюнча респонденттердин жынысы ................................ 13
Таблица 4. Жашаган жери боюнча респонденттердин пайыздык үлүшү ......... 17
Таблица 5. Окуу башкармалыгынын иши ........................................................ 19
Таблица 6 Факультеттер боюнча окуу башкармалыгынын ишин баалоо ......... 20
Таблица 7 **Илим жана инновациялар бөлүмүнүн ишин кандай баалайт элеңиз?** ........................................................................................................ 21
Таблица 8. **Административдик-чарба бөлүмүнүн ишин кандай баалайт элеңиз** ........................................................................................................ 21
Таблица 9. **Мамлекеттик тил боюнча бөлүмдүн ишин кандай баалайт элеңиз** ........................................................................................................ 22
Таблица 10. **Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишин кандай баалайт элеңиз?** ........................................................................................................ 22
Таблица 11. **Бүтүрүү кафедрасынын ишин кандай баалайт элеңиз?** .......... 22
Таблица 12. Факульеттерге карата деканаттын ишине канааттануу деңгээли . 23
Таблица 13. Лекциялардын өтүлүшүнө канааттануу абалы ............................ 26
Таблица 14 Окуган багыттары боюнча лекциялардын өтүлүшүнө канааттануу ........................................................................................................ 28
Таблица 15 Семинардык, практикалык, лабораториялык сабактардын өткөрүлүшүнө канааттануу ........................................................................ 34
Таблица 16. Курстарга карата семинардык (практикалык, лабораториялык) сабактарга орточо даярдануу убактысы ...................................................... 41
Таблица 17 Факультеттер боюнча университеттин китепканасына баруу ....... 42
Таблица 19. Иштеген / иштебеген суденттердин университеттин китепканаларына баруусундагы айырма ........................................................ 44
Таблица 20. Студенттердин курстары боюнча семинардык, практикалык сабактарга даярдануусу ............................................................................... 45
Таблица 21. Факультеттер боюнча окуу процессин уюштуруудагы мүчүлүштүктөр ............................................................................................ 48
Таблица 22. Улуттарга карата окуу процессин уюштуруудагы мүчүлүштүктөр ........................................................................................................ 51
Таблица 23. Студенттердин сабактардан жетишүүсүнө карата окуу процессинин уюштуруудагы мүчүлүштүктөр ................................................ 53
Таблица 24. Окуган багыттарга карата окууну жумуш менен айкалыштыруу 56

Таблица 25. Иштеген студенттердин жумушунун окуусуна таасири жынысына карата айрымасы ........ 62
Таблица 26. Коррупциялык кубулуштардын байкалуу жагдайы ........ 65
Таблица 27. Окуган багыттарга карата коррупция кубулушу ........ 71
Таблица 28. Студенттердин курстарына карата коррупциялык кубулуштардын байкалышы ........ 79
Таблица 29. Компьютер каражаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүнө канчалык деңгээлде канааттанасыз? ........ 80
Таблица 30. Компьютердик класстарда интернеттин жеткиликтүүлүгүнө канааттануу абалы ........ 84
Таблица 31 Окууну жумуш менен айкалыштырган/айкалыштырбаган студенттердин веб-сайтты колдонуу айрымачылыгында маанилүүлүк (Sig.(2-tailed)) ........ 86
Таблица 32. Факультеттер боюнча окуу залдарынын иштешине канааттануу абалы ........ 89
Таблица 33. Китепканалардын окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор менен камсыздалышына канчалык деңгээлде канааттанасыз? ... 92
Таблица 34. Факультеттерге карата спорттук секциялардын ишине канааттануу деңгээли ........ 94
Таблица 35 Лабароториялардын жасалгаланышына канааттануу абалы ........ 100
Таблица 36. Курстар боюнча спорттук залдар, спорттук аянтчаларга канааттануу ........ 104
Таблица 37 Коридорлорго канааттануу абалы ........ 105
Таблица 38. Факультеттер боюнча университеттин жашылдандырылышына канааттануу ........ 108
Таблица.39 Факультеттер боюнча жатаканаларга канааттануу ........ 110
Таблица 40. Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канааттануу деңгээли ........ 112
Таблица 41. Факультеттер боюнча ашкана кызматына канааттануу деңгээли ........ 115
Таблица 42. КУУнун миссиясы жөнүндө билүү абалы ........ 119
Таблица 43. Курстарга карата КУУнун студенти болууга канааттануу ........ 120
Таблица 44 Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат ........ 125
Таблица 45 Респонденттер тарабынан берилген сунуштар ........ 140

# ДИАГРАММАЛАР

Диаграмма 1 Респонденттердин курсу ........ 10
Диаграмма 2 Респонденттердин жынысы боюнча пайыздык көрсөткүчү ........ 10
Диаграмма 3 Респонденттердин сабактардан жетишүүсү боюнча пайыздык үлүшү ........ 18
Диаграмма 4 Окутуу процессин уюштурууда мүчүлүштүктөр ........ 46
Диаграмма 5 Курстар боюнча окууну жумуш менен айкалыштыргандар ........ 54
Диаграмма 6 Сабактардан жетишүүсү боюнча окууну жумуш менен айкалыштыруу абалы ........ 55
Диаграмма 7 Жумуштун окууга таасири ........ 62
Диаграмма 8 Факультеттер боюнча иштеген студенттердин жумушу ........ 64
Диаграмма 9 Факультеттерге карата коррупциялык кубулуштардын байкалуусу ........ 68
Диаграмма 10 КУУнун веб-сайтын колдонуу мүмкүнчүлүгү ........ 86
Диаграмма 11 Факультеттер боюнча китепканалардын иштешине канааттануу деңгээли ........ 87
Диаграмма 12 Студенттик медициналык пункттун ишине канааттануу абалы97
Диаграмма 13 Факультеттер боюнча аудиториялардын жасалгаланышына канааттануу ........ 99
Диаграмма 14 Спорттук залдар, аянтчаларга канаатттануу абалы ........ 103
Диаграмма 15 Курстар боюнча коридорлорго канааттануу көрсөткүчү ........ 107
Диаграмма 16 Жатаканаларга канааттануу деңгээли ........ 109
Диаграмма 17 Жатаканалардын ишине канааттануунун пайыздык үлүшү ........ 111
Диаграмма 18 Санитардык-гигиеналык кызматтын ишине канааттануу ........ 114
Диаграмма 19 Университетибиздеги студенттердин көз карашында өлкөбүздөгү эң мыкты 10 ЖОЖ ........ 118
Диаграмма 20 КУУнун студенти экендигине канааттануу деңээли ........ 122
Диаграмма 21 Студенттердин сабактардан жетишүүсү боюнча университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун денгээли ........ 132
Диаграмма 22 Курстарга карата университититетти абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли ........ 133
Диаграмма 23 Факультеттердин арасында университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли ........ 135
Диаграмма 24 Улуттарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли ........ 138

Диаграмма 25 Улуттарга карата университетти башка абитуриенттерге сунуштоонун деңгээли ........ 138
Диаграмма 26 КУУ тарабынан көрсөтүүчү кызматтарга канааттануу абалынын операционализацияланышы ........ 143
Диаграмма 27 Канааттанууга таасир этүүчү факторлор ........ 145

# ТИРКЕМЕ

## Сурамжылоо / Анкета

**Урматтуу КУУнун студенти! / Уважаемый студент КНУ!**

КУУнун А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору Академиялык саясат башкармалыгы менен биргеликте **“Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо”** темасында социологиялык иликтөө жүргүзүүдө. Суроолорду көңүл коюп окуп, сиздин пикириңизди билдирген вариантты белгилеңиз. Изилдөөнүн жыйынтыгы сиздин жоопторуңузга байланыштуу, жоопторуңуз студенттердин кызыкчылыктарын эске алууга жардам берет. Аты-жөнүңүздү жазуу талап кылынбайт, жооптордун купуялуугу (анонимность) кепилденет.
Социологический центр социокультурных исследований им. А. Табалдиева КНУ совместно Управлением академической политики проводит социологическое исследование на тему **“Оценка качества услуг, предоставляемых КНУ им. Ж.Баласагына”**. Пожалуйста, внимательно прочтите вопросы и отметьте тот вариант ответа, который выражает ваше мнение. Результаты исследования зависят от искренности ваших ответов, они могут помочь учесть мнение и интересы студентов в деятельности университета. Ф.И.О указывать не надо, анонимность всех ответов гарантируется.

***Кызматташкандыгыңызга алдын ала ыраазычылык билдиребиз!***
***Заранее благодарим за сотрудничество!***

1. Сизди КУУнун студенти экендигиңиз канчалык деңгээлде канааттандырат? *(1-өтө төмөн, 2-төмөн, 3-орто, 4-жакшы, 5-эң жакшы)*

Насколько Вы удовлетворены тем, что являетесь студентом КНУ? *(1-очень низкий, 2-низкий, 3-средний, 4-хороший, 5-лучший)*

1) 2) 3) 4) 5)

3. Сиздин пикириңиз боюнча, өлкөбүздөгү эң мыкты 10 ЖОЖду ирээти менен жазыңыз?

Напишите по порядку 10 лучших вузов нашей страны, по вашему мнению?

| № | Университеттин аталышы |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |
| 5. | |
| 6. | |
| 7. | |
| 8. | |
| 9. | |
| 10. | |

4. Сизди лекциялардын өтүлүшү канчалык деңгээлде канааттандырат? (*1- өтө төмөн, 2 – төмөн, 3 – орто, 4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

На сколько Вас удовлетворяет проведение лекционных занятий? *(1-очень низкий, 2-низкий, 3-средний, 4-хороший, 5-лучший)*

1) 2) 3) 4) 5)

4. Сизден күзгү семестрдин предметтери боюнча лекциялык сабактарды **жазып**, анын астындагы 5 баллдык шкала боюнча **баалооңузду** суранабыз? *(1-өтө төмөн, 2-төмөн, 3-орто, 4-жакшы, 5-эң жакшы)*

Просим Вас оценить по 5 балльной шкале лекционные занятия предметов осеннего семестра *(1- очень плохо; 2-плохо; 3-средний; 4 –хорошо; 5-отлично)*

| | **Предметтер / Предметы** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Окутуучу лекцияны кызыктуу окуйт/ Преподаватель интересно читает лекции | | | | | | | | |
| 2. | Окутуучу лекциянын мазмунун жеткиликтүү баяндайт/Преподаватель доступно излагает материалы содержания лекции | | | | | | | | |
| 3. | Окутуучу дайыма лекцияга даярданып келет/Преподаватель приходит всегда подготовленным к лекции | | | | | | | | |
| 4. | Окутуучу лекцияга кечикпей келет / Преподаватель не опаздывает на лекцию | | | | | | | | |
| 5. | Лекциялар учурдун талаптарына жооп берет/Лекции соответствуют современным требованиям | | | | | | | | |
| 6. | Мугалимдин кеп маданияты жеткиликтүү/ Преподаватель владеет культурой речи | | | | | | | | |
| 7. | Окутуучу тилди жакшы билет, тилдик тоскоолдук жок/Преподаватель отлично владеет языком, не существует языкового барьера | | | | | | | | |

5. Семинардык, практикалык, лабораториялык сабактардын өткөрүлүшү сизди канааттандырабы? (5ке чейинки баалоо шкаласы боюнча белгилеңиз: 1- өтө начар, 2 -.начар, 3 – орто, 4 – жакшы, .5- эң жакшы)

Удовлетворяет ли Вас проведение семинарских, практических, лабораторных занятий? (отметьте по шкале оценок до 5. *(1- очень плохо; 2-плохо; 3-средний; 4 –хорошо; 5-отлично)*

1) 2) 3) 4) 5)

6. Сизден күзгү семестрдин предметтери боюнча практикалык (семинардык), лабораториялык сабактарды 5 баллдык шкала боюнча баалооңузду суранабыз? *(1-өтө төмөн, 2-төмөн, 3-орто, 4-жакшы, 5-эң жакшы)* Просим Вас оценить по 5 балльной шкале практические (семинарские) лабораторные занятия по предметам осеннего семестра: *(1-очень плохо; 2-плохо; 3-средний; 4 –хорошо; 5-отлично)*

| **Предметтер / Предметы** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактар кызыктуу/Практические (семинарские, лабораторные) занятия интересны | | | | | | | | |
| 2. | Окутуучу объективдүү баалайт/Преподаватель объективно выставляет баллы | | | | | | | | |
| 3. | Окутуучу сабактарга кечикпей келет/Преподаватель не опаздывает на занятия | | | | | | | | |
| 4. | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактардын өткөрүлүшү азыркы кездеги заманбап талаптарга жооп берет/Проведение семинарских (практических, лабораторных) занятий соответствует современным требованиям | | | | | | | | |
| 5. | Окутуучунун кеп маданияты/Преподаватель владеет культурой речи | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Окутуучу тилди жакшы билет, тилдик тоскоолдук жок/Преподаватель отлично владеет языком не существует языковой барьер | | | | | | | | |
| 7. | Техникалык жактан жабдылышы / Техническое оснащение | | | | | | | | |
| 8. | Окуу үчүн түзүлгөн шарттар/Условия, созданные для обучения | | | | | | | | |
| 9. | Аудиториялардын санитардык-гигиеналык абалы /Санитарно-гигиеническое состояние аудиторий | | | | | | | | |

7. Семинардык (практикалык, лабораториялык) сабактарга даярданууга бир күндө орточо эсеп менен канча убакыт коротосуз?

Сколько времени в среднем, в день Вы тратите на подготовку к семинарским (практическим, лабораторным) занятиям?

1) 0-1 саат / 0 –1 час
2) 1-2 саат / 1-2 часа
3) 2-3 саат / 2-3 часа
4) 4-5 саат / 4-5 часа
*5)* Такыр даярданбайм / Вообще не готовлюсь -----------------------→ *(переходите к вопросу 9)*

8. Семинардык сабактарга көбүнчө кайсы жерде даярданасыз?

Где Вы чаще всего готовитесь к семинарским занятиям?

1) Үйдө өз алдымча, окуу китептерин, интернет ресурстарын колдонуп; /Самостоятельно дома, используя учебники, интернет-ресурсы;
2) Университеттин окуу залы, китепканасы же компьютердик аудиторияларда / В университетском читальном зале, библиотеке или компьютерных аудиториях
3) Шаардын китепканаларында, окуу залдарда; / В городской библиотеке, читальных залах; / В городской библиотеке, читальных залах;
4) Башка (жазыңыз)/ Другое, (напишите): ________________________________________________

9. Сизди таптакыр канааттандырбаган 3 предметти (3 дисциплинаны) көрсөтүңүз жана астынкы суроодон канаттанбагыңыздын себебин жазыңыз?

Укажите 3 предмета (дисциплины), которые вас совершенно не удовлетворяют

| № | Предметтер / Предметы | Канаттанбагыңыздын себеби Причина, по которой вы не удовлетворены | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Окутуучу инсан катары канааттандырбайт / Не удовлетворен личностью преподавателя | Сабактын жүрүшү канааттандырбайт / Не удовлетворен как проводится занятия | Мага окуу материалын түшүнүү кыйын / Мне сложно понимать учебный материал |
| 1 | | 1 | 2 | 3 |
| 2 | | 1 | 2 | 3 |
| 3 | | 1 | 2 | 3 |

10. Университеттин китепканасына, адатта, канча жолу барасыз?

Как часто вы, обычно, посещаете библиотеку университета?

1) Күнүгө / Каждый день
2) Жумасына 3 жолу / В неделю 3 раза
3) Жумасына 2 жолу / В неделю 2 раза
4) Жумасына 1 жолу / В неделю 1 раз
5) Айына бир жолу / Один раз в месяц
6) 2-3 айда бир / Один раз в 2-3 месяца
7) Экзамендер убагында / Во время экзаменов
8) Такыр барбайм / Вообще не хожу

11. 2022-2023-окуу жылында университеттин ичинде кандай иш-чараларга катыштыңыз? (бир канча вариантты белгилесеңиз болот)

В каких мероприятиях вы принимали участие в университете в 2022-2023 учебном году? (можете отметить несколько вариантов)

1) Илимий конференциялар / В научных конференциях
2) Предметтик олимпиадалар / В предметных олимпиадах
3) Студенттик спорттук таймаштар / В студенческих спортивных соревнованиях
4) Маданий-массалык иш-чараларда / В культурно-массовых мероприятиях
5) Эч кандай иш-чараларга катышкан эмесмин / Не принимал(а) участие ни в каких мероприятиях
6) Башка (жазыңыз): /Другое (напишите): ______________________________

12. Сиз окууну жумуш менен айкалыштырасызбы *(бир жерде иштейсизби)?*

Совмещаете ли вы учебу с работой *(где-нибудь подрабатываете)?*

1) Ооба / Да
2) Жок / Нет ---------------------→ *(15-суроого өтүңүз/ переходите к вопросу 15)*

13. Эгерде иштесеңиз, анда ишиңиз окуп жаткан адистигиңизге байланышканбы?

Если “Да”, то связана ли Ваша работа с получаемой специальностью?

1) Ооба / Да
2) Жок / Нет

14. Жумушуңуз (кошумча) сиздин окууңузга кандай таасир тийгизет? *(бир нече вариантты белгилесеңиз болот)*

Как отражается работа (подрабатывание) на Вашей учебе?*(можете отметить несколько вариантов)*

1. Сабактарды көп калтырууга мажбурмун / Вынужден(а) часто пропускать занятия
2. Сабактарга даярданууга убакыт жетпейт / Не хватает времени на подготовку к занятиям
3. Жумуштан кийин чарчап, окууга каалоом жоголот / Устаю после работы, пропадает желание учиться
4. Окугум келбейт / Я не хочу учиться
5. Жумуш окуума тоскоол болбойт / Работа совсем не мешает учебе
6. Башка (жазыңыз)
   Другое
   напишите :_______________________________________________

15. Сиз окуган факультетте коррупция байкалабы?

Как вы думаете, проявляется ли явление коррупции на вашем факультете?

1) Ооба, көп эле / Да, часто
2) Ооба, бирок сейрек / Да, иногда
3) Жок, байкалбайт / Нет, не проявляется
4) Билбейм / Незнаю
5) Айта албайм / Не могу сказать

16. Коррупциялык кубулуштар эмнелерден байкалат?

В чем проявляются коррупционные явления?

1) Абитуриенттерди кабыл алууда/При приеме абитуриентов
2) Сабакка келбеген студенттерди жаап-жашыруу / Прикрытие студентов, которые не посещают занятия

3) Сабакка келбесе да, студенттин сессиясынын бүтүп кетиши / Закрытия сессии студента, даже если он не посещает занятия
4) Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди жазып, коргоодо / При написание и защите выпускных квалификационных работ
5) Студенттердин билимин баалоо учурунда / Во время оценки знаний студентов
6) Жок, байкалбайт / Нет, не проявляется
7) Башка/Другое: ____________________________________________

17. Сиздин КУУнун стратегиясы, максаттары жана милдеттери жөнүндө маалыматыңыз барбы?

У вас есть информация о стратегии, целях и задачах КНУ?

1) Ооба, толук маалыматым бар / Да, у меня есть полная информация
2) Маалыматым толук эмес / Моя информация неполная
3) Эч кандай маалыматым жок / У меня нет информации

18. КУУнун миссиясы жөнүндө билесизби, ал эмнеде?

Знаете ли Вы о миссии КНУ и в чем она заключается?

____________________________________________

19. Окуу процессинин уюштурууда кандай мүчүлүштүктөр бар?

Какие проблемы Вы видите в организации учебного процесса?

1) Окутулуп жаткан дициплиналардын адистиктин талаптарына дал келбегени/Несоответствие изучаемых дисциплин получаемой специальности
2) Адистик үчүн маанилүү предметтерге жетиштүү саат бөлүгөн эмес / Недостаточное количество выделяемых часов для наиболее значимых предметов

3) Аудиториялык сабактардын көптүгү / Перегруженность аудиторными занятиями
4) Окутуунун төмөнкү сапаты / Низкое качество преподавания
5) Практикалык сабактардын аздыгы / Мало практических занятий
6) Окутуунун методдору эски / Устаревшие методы преподавания
7) Мүчүлүштүктөр жок / Проблем нет
8) Башка (жазыңыз) /Другое (напишите)________________________________________

20. Төмөндөгү кызматтарга сиздин канааттануу деңгээлиңиз?

Насколько Вы удовлетворены следующими моментами?

| | | Жооп бере албайм /Затрудняюсь | Жарым - жартылай канааттандыра | Орточо канааттандырат | Канааттандырат/ Удовлетворен(а) | Толук канааттандырат/ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Китепканалардын иштешине / Работой библиотек | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 2) | Окуу залдарынын иштешине / Работой читальных залов | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 3) | Китепканалардын окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор менен камсыздалышы / Обеспеченностью учебниками, учебно-методическими пособиями в библиотеках | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 4) | Компьютер каражаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгү/Доступом к компьютерам | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 5) | Компьютердик класстарда интернеттин жеткиликтүүлүгү / | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Доступом к сети интернет в компьютерных классах | | | | | |
| 6) | Сабактардын кезметине/Расписанием занятий | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 7) | Ашкана кызматынын иши/Столовая | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 8) | Коопсуздук кызматынын иши / Работой службы безопасности | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 9) | Санитардык-гигиеналык кызматтын иши/Деятельность санитарно-гигиенической службы | | | | | |
| 10 | Студенттик медициналык пункттун иши/Работа студенческого медицинского пункта | | | | | |
| 11 | Спорттук секциялардын иши/Работа спортивных секций | | | | | |
| 12 | Жатаканалар/Общежития | | | | | |

21. Төмөндөгү КУУнун түзүлүштүк бөлүмдөрүнүн ишин сиз кандай баалайт элеңиз?

Ответьте пожалуйста, как бы Вы оценили работу следующих структурных подразделений КНУ?

| № | Түзүлүштүк бөлүмдөр Структурное подразделение | Баалоо деңгээли / Уровень оценки | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | өтө төмөн/ очень плохо | төмөн/ плохо | орто/ средний | жакшы/ хорошо | эң жакшы/ отлично |
| 1 | Окуу башкармалыгы / Учебное управление | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Илим жана инновациялар бөлүмү/Отдел науки и инноваций | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 3 | Административдик-чарба бөлүгү /Административно – хозяйственная часть | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 4 | Мамлекеттик тил боюнча бөлүм/Отдел по Государственному языку | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 5 | Студенттик кадрлар бөлүмү/Студенческий отдел кадров | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | Факультеттин деканаты/Деканат факультет | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 7 | Бүтүрүүчү кафедра/Выпускающая кафедра | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

22. Аудиториялардын, коридорлордун, сабактардын кезметинин ж.б. жасалгаланышы сизди канааттандырабы?

Удовлетворены ли Вы оформлением аудиторий, коридоров, расписаний и т.д.?

| | | Жооп бере албайм /Затрудняюсь ответить | Канаатандырбайт/ Частично | Орточо канаатандырат / Средне удовлетворен(а) | Канаатандырат/Удовлетворяет | Толугу менен канаатандырат/Очень удовлетворен(а) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Аудиториялар/Аудитории | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 2. | Лабораториялар/Лаборатории | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 3. | Спорттук залдар, аянтчалар/ | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Спортивные залы, площадки | | | | | |
| 4 | Коридорлор/Коридоры | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 5 | Имараттын фасады/Фасады | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | Университеттин айланасынын жашылдандырылышы/ Озеленение университетской территории | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 7 | Сабактардын кезмети/ Расписания | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

23. Сиз КУУнун веб-сайты жөнүндө билесизби, колдоносузбу? /Знаете ли Вы о веб-сайте КНУ, вы его используете?

1) Билем, колдонгонмун / Знаю, пользуюсь

2) Билем, бирок колдонгон эмесмин / Знаю, но не пользуюсь

3) Жок, билбейм / Нет, не знаю

24. Биздин университетти сиз башка абитуриенттерге сунуштооңуздун ыктымалдуулугу кандай? (рейтинг шкаласы боюнча 5 ке чейин белгилеңиз. 1- өтө төмөн баа, 2 – төмөн, 3 – орто, 4 – жакшы, 5 – мыкты)
Насколько вероятно, что Вы порекомендуете этот университет другим абитуриентам? *(отметьте по шкале оценок до 5. (1-очень низкий, 2-низкий, 3-средний, 4-хороший, 5-лучший)*

1) 2) 3) 4) 5)

25. КУУдагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн сиз кандай сунуштарды бересиз? *(3 чейин жазыңыз)*

Что бы Вы предложили для повышения качества образования в КНУ? *(напишите 3 вариант)*

1) ____________________________________________________
2) ____________________________________________________
3) ___________________________________________________

25. Жынысыңыз / Пол

1) Эркек / Мужской
2) Аял / Женский

**26.** Улутуңуз / Национальность_______________________________
27. Жашаган жериңиз? / Место проживания?

1) Жатаканада/В общежитии
2) Туугандарымдыкында/ У родственников
3) Ижарага алынган батирде / Снимаю квартиру
4) Ата-энем менен/С родителями
5) Башка жазыңыз/Другое, напишите

28. Факультетиңиз?
Пожалуйста, укажите Ваш факультет? _____________________________________

1) Математика жана информатика факультети / Факультет математики и информатики
2) Физика жана электроника факультети /Факультет физики и электроники
3) Химия жана химиялык технологиялар факультети / Факультет химии и химической технологии
4) Биология факультети / Факультет биологии
5) География, экология жана туризм факультети / Факультет географии, экологии и туризма
6) Кыргыз филологиясы факультети / Кыргыз филологиясы факультети
7) Орус жана славян филологиясы факультети / Факультет русской и славянской филологии
8) Чет тилдер факультети / Факультет иностранных языков
9) Социалдык-гуманитардык илимдер факультети / Факультет социально-гуманитарных наук
10) Журналистика факультети / Факультет журналистики

11) Тарых жана чөлкөм таануу факультети / Факультет истории и регионоведения
12) Кыргыз Европа факультети / Кыргызско-Европейский факультет
13) Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети / Факультет международных отношений и востоковедения
14) Маалыматтык жана инновациялык технологиялар факультети / Факультет информационных и инновационных технологий
15) Кыргыз-Кытай факультети / Кыргызско-Китайский факультет
16) Педагогика факультети / Педагогический факультет
17) Кесиптик колледж / Профессиональный колледж
18) Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети / Факультет государственного и муниципального управления
19) Башкаруу жана бизнес факультети / Факультет управления и бизнеса
20) Экономика факультети / Экономический факультет
21) Юридика факультети / Юридический факультет

30. Сиз окуган багытты / адистикти көрсөтүңүз

Пожалуйста, укажите Ваше направление / специальность

_______________________________________________

31. Курсуңуз?/Курс?

1) 1-курс
2) 2-курс
3) 3-курс
4) 4-курс

32. Сиз сабактардан жетишүүңүз боюнча өзүңүздү төмөнкү позициялардын кайсы бирине кошосуз?
Как считаете, по успеваемости к какой из ниже перечисленных позиции вы соответстуйте?

1) канааттандырарлык / удовлетворительно
2) жакшы окуган хорошо
3) мыкты окуган отлично

***Кызматташканыңыз үчүн ыраазычылык билдиребиз!***
***Спасибо за сотрудничество!***